**Эгерде сөздөрдүн аягы үндүү менен аяктаса,**



**-ны**



**-ни**



-ну



-нү

**Эгерде сөздөрдүн аягы жумшак үнсүздөр менен аяктаса,**

-ды



-ди





-ду

-дү



**Эгерде сөздөрдүн аягы каткалаң үнсүздөр менен аяктаса,**



-ты



-ти



-ту




-тү

**1-көнүгүү. Төмөнкү сөздөргө жогорудагы тиешелүү мүчөлөрдү улап жазгыла.**
Exercise 1. Write the following words, continuing the corresponding terms above.

Жылкы, топ, шырдак, көпөлөк, китеп, гүл, куржун, тебетей, кымыз, топу, белдемчи, төө, жайлоо, студент, КРСУ, жашыл дарак, чоң үй, досум, иним, таятам, үй, уй, менин куржунум, анын китеби, керебет, учак, унаа, чай, сөз, сүт, оорукана, дарыкана, ишкана, ишкер, мугалим, окутуучу, карандаш, карындаш, таяке, кошуна, куш, көз айнек, шаар, тоо, ырчы, комузчу.

**2-көнүгүү. Дене мүчөлөрүн жаттагыла.**
Exercise 2. Memorize the body parts.





**3-көнүгүү. Төмөнкү сөздөрдү которгула.**
Exercise 3. Translate the following words.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| head | | neck | | nail | тырмак |
| hair | | shoulder | ийин | thumb | баш бармак |
| ear | | breast | | finger | сөөмөй |
| eye | | elbow | чыканак | middle finger | ортоң кол |
| forehead | чеке | hand | | ring finger | аты жок |
| face | | hip | | little finger | чыпалак |
| eyelash | | knee | | heart | |
| nose | | heel | | liver | |
| lip | | toes | | stomach | |
| mouth | | toe-nail | бут тырмагы | kindney | |
| teeth | | wrist | билек | intestines | |
| tooth | тиштер | chin | | tongue | тил |

**4-көнүгүү. Сүрөттөр боюнча суроолуу сүйлөм түзүп, жообун дептериңерге жазгыла.**


Exercise 4. Make a question based on the pictures and write down the answer in a notebook.



Мен Аабхага … бердим



Ал … аарчып жатат.



Айжан … ачты.





Радж чайга … салды.





Марат сумкага … салып койду.

# 10-САБАК
# СУРАНЫЧТЫ БИЛДИРГЕН СӨЗДӨР
WORDS EXPRESSING A REQUEST

## КЫЙМЫЛ-АРАКЕТТИН ОРДУН БИЛДИРГЕН СӨЗДӨР
WORDS DENOTING THE PLACE OF ACTION

## КООМДУК ЖАЙЛАРДА: ДАРЫКАНАДА
IN PUBLIC PLACES: AT THE PHARMACY

Суранычты билдирген мүчө этиштерге гана уланат да төмөнкүдөй өзгөрөт.

The participle expressing the request continues only to the verbs and changes as follows.

| | |
|---|---|
| **Жоон үндүүлөрдөн кийин** | **-чы, -чу** |
| **Ичке үндүүлөрдөн кийин** | **-чи, -чү** |



**1-көнүгүү. Суранычты билдирген сөздөрдү түзгүлө.**
Exercise 1. Add affixes to make words that express a request.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Айт | | даярда | | кий | |
| сүйлө | | ич | | кир | |
| сура | | же | | жыйна | |
| оку | | үйрөн | | котор | |
| ук | | бийле | | кайтал | |
| көр | | ырда | | көчүр | |
| кара | | иште | | жаз | |
| бер | | ороп бер | | кечир | |

## Окугула.

| **Этикеттик сөздөр. Кайрылуулар** | Word voice etiquette |
|---|---|
| Таанышып алалы | Lot's get acquainted |
| таанышып алыңыздар | get to know |
| абдан кубанычтамын | very glad |
| саламатсызбы | hello |
| кутман тан | good morning |
| кутмандуу күнүңүздөр менен | good afternoon |
| кутмандуу кечиңиздер менен | good evening |
| кечиресиз | excuse me, ... |
| бир мүнөткө | wait a minute, |
| кирүүгө уруксатпы? | can i come in? |
| чыгууга уруксатпы? | may i go out? |
| иштериңиз кандай? | how is it going? |
| эн сонун | very nice |
| чон рахмат | thank you very much |
| эч нерсе эмес | you are welcome |
| түнүңүз бейпил болсун | goodnight |
| майрамыңыз менен | happy holiday |
| урматтоо менен | respectfully |
| келиңиз, төргө өтүңүз | come, go above |
| нан ооз тийиңиз | taste the bread |
| тилекке каршы, | unfortunately, |
| тамагыңыз таттуу болсун | enjoy your meal |
| аш болсун | to health |
| кош келиңиздер | welcome |
| жолуңуз шыдыр болсун, ак жол | bon voyage |
| салам айтып коюңуз | say hello |
| айтып коюңузчу | tell me please |
| берип коюңузчу | give (pass), please |
| кечирип коюңузчу | excuse me, please |
| саламатта болуңуз | goodbye |
| көрүшкөнчө | goodbye! see you |



**2-көнүгүү. Жаңы сөздөрдү жаттагыла.**
Exercise 2. Memorize new words.




Кыз сасык тумоо болуп жатат.
The girl has the flu

Сасык тумоо болгондо…
when you have… the flu










| | | | |
|---|---|---|---|
| чүчкүрөт<br>sneezes | тамагы ооруйт<br>sore throat | дене ысыйт<br>elevated temperature | чыйрыгат<br>fever |

Жүрөгүм, боорум ооруп жатат –
Чыйрыгып жатам –
Уйкум качты –
Ичим, ашказаным ооруп жатат –
Башым ооруп жатат –



**3-көнүгүү. Диалогду окугула.**
Exercise 3. Read the dialog.

## ДАРЫКАНАДА
AT THE PHARMACY

| | |
|---|---|
| – Саламатсызбы? | – Hello? |
| – Саламатчылык. | – Health. |
| – Менин башым ооруп жатат. Айтыңызчы, кандай дары (таблетка) ичсем болот? | – I have a headache. Tell me what medications (pills) can I take? |
| – Сиз 500 мг кетонал же 100 мг аналгин ичсеңиз болот. | – You can take 500 mg of ketonal or 100 mg of analgin. |
| – Бир күндө канча жолу ичишим керек? | – How many times do I need to drink a day? |
| – Тамактан кийин бир таблетка ичиңиз. | – Take one tablet after a meal. |
| – Аналгин канча турат? | – How much does analgin cost? |
| – 210 сом. | – 210 som. |
| – Анда мага аналгин бериңиз**чи**? | – May I have the anaigin then? |
| – Сакайып кетиңиз. | – Get well. |
| – Ыракмат. | – Thanks. |



**4-көнүгүү. Төмөнкү сүрөттү сураныч менен окугула.**
Exercise 4. Please read the image below.

Мага  бериңизчи?








Кыймыл-аракеттин, заттын ордун билдирген сөздөргө төмөнкү мүчөлөр уланат. Кимде? Эмнеде? Каерде? деген суроолорго жооп берет.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Эгерде сөз үндүү жана жумшак үнсүз менен аяктаса,**<br>If a word ends with a vowel and a soft consonant, | **-да** | **-де** | **-до** | **-дө** |
| **Эгерде сөз каткалаң үнсүз менен аяктаса,**<br>If the word ends with the hard consonant, | **-та** | **-те** | **-то** | **-тө** |
| **Эгерде сөз 3-жактын мүчөсү менен аяктаса,**<br>If the word ends with a member from the 3rd person, | **-нда** | **-нде** | **-ндо** | **-ндө** |

**Эгерде сөздөрдүн аягы үндүү же жумшак үнсүз менен аяктаса,**
If the end of words ends with a vowel or a soft consonant,





**Эгерде сөздөрдүн аягы каткалаң үнсүз менен аяктаса,**
If the endings of words end in a deaf consonant,



**Эгерде сөз 3-жактын мүчөсү менен аяктаса,**
If the word ends with a member from the 3rd person
Мисалы:

| | | |
|---|---|---|
| Кимде? | апасында | in her mom |
| | инисинде | in his younger brother |
| Эмнеде? | сумкасында | in his bag |
| | чөнтөгүндө | in her pocket |
| Кайда? | үйүндө | in his house |
| | досумдун короосунда | in a friend garden |

**Каякка?** **Кайда?** **Кайдан?**



**5-көнүгүү. Каерде? Кайда? деген суроого жооп бергиле.**
Exercise 5. Where? Where? Answer the question "why?"



**Каерде?** турат?



**Каерде?** сатылат?



**Каерде? Кайда?** отурушат?



**Каерде? Кайда?** иштеп жатышат?

**6-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү окугула. Орунду билдирген сөздөрдү тапкыла.**
Exercise 6. Read the suggestions. Find the words denoting the place.

Токойдо түрдүү жаныбарлар жана өсүмдүктөр бар. Канаттуулар дагы токойдо жашашат.  талаада өсөт.  бакта өсөт.

Досум Бишкекте жашайт. Менин үй-бүлөм Индияда жашашат.



**7-көнүгүү. Сүрөт боюнча суроолорго жооп бергиле жана дептерге жазгыла.**

Exercise 7. Answer the questions about each photo and write them down in a notebook.



… эмне жок?



… кимдер жок?



Санжар кайда турат?





… … жашайт?

# 11-САБАК
# КЫЙМЫЛ-АРАКЕТТИН ЧЫККАН ОРДУН БИЛДИРГЕН СӨЗДӨР
WORDS DENOTING THE PLACE OF ORIGIN OF THE ACTION

## ЗАТТЫН ДААМЫН БИЛДИРГЕН СӨЗДӨР
WORDS DENOTING THE TASTE OF THE SUBSTANCE

## УЛУТТУК ТАМАК-АШТАР
NATIONAL DISHES

Кыймыл-аракеттин чыккан ордун билдирген сөздөргө төмөнкү мүчөлөр уланат. Кимден? Эмнеден? Кайдан? деген суроолорго жооп берет.

In words denoting the place of origin of the action, the following terms continue. From whom? From what? From where? answers questions

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Эгерде сөз үндүү жана жумшак үнсүз менен аяктаса,**<br>If a word ends in a vowel and a soft consonant, | **-дан** | **-ден** | **-дон** | **-дөн** |
| **Эгерде сөз каткалаң үнсүз менен аяктаса,**<br>If the word ends with a hard consonant | **-тан** | **-тен** | **-тон** | **-төн** |
| **Эгерде сөз 3-жакта болсо,**<br>If the word is from the 3rd person, | **-нан** | **-нен** | **-нон** | **-нөн** |


**Каякка?** **Кайда?** **Кайдан?**

**-га, -ге, -го, -гө**
**-ка, -ке, -ко, -кө**


**-да, -де, -до, -дө**
**-та, -те, -то, -тө**

**-дан, -ден, -дон, -дөн**
**-тан, -тен, -тон, -төн**

**Эгерде сөздүн аягы үндүү же жумшак үнсүз менен аяктаса,**
If the end of a word ends with a vowel or a soft consonant,



**Эгерде сөздүн каткалаң үнсүз менен аяктаса,**
If the root of a word ends with a consonant,




**Эгерде сөз 3-жакта болсо,**
If the word is from the 3rd person,

Мисалы:

| | | |
|---|---|---|
| Кимден? | апасынан | from his mother |
| | инисинен | from his younger brother |
| Эмнеден? | сумкасынан | from his bag |
| | чөнтөгүнөн | from her pocket |
| Кайдан? | үйүнөн | from his house |
| | досумдун короосунан | from a friend garden |

**1-көнүгүү. Төмөнкү сөздөрдү жаттагыла.**
Exercise 1. Remember the following statements.

| **Сүт азыктары** | Dairy products | **Нан азыктары** | Bakery products |
|---|---|---|---|
| Сүт | milk | ун, камыр, нан | |
| каймак | sour cream | токоч | |
| айран | ayran | каттама | |
| сүзмө | | боорсок | |
| курут | | чак-чак | |
| сыр | cheese | самса | |
| сары май | | жупка нан | |
| чөбөгө | | май токоч | |
| быштак | cottage cheese | куймак | |

| **Эт азыктары** | Meat products | **Улуттук тамак аштар** | National dishes |
|---|---|---|---|
| жылкынын эти | horse meat | беш бармак | |
| уй эти | beef | кулчөтай | |
| кой эти | mutton | кесме | |
| тоок эти | chicken | быжы | |
| чучук | marrow | олобо | |
| казы-карта | card | манты | |
| коен эти | rabbit meat | оромо | |
| колбаса | sausage | жөргөм | |
| кийик эти | venison | куурдак | |


| **Даамды билдирген сөздөр** | Words denoting taste |
|---|---|
| Даамдуу | tasty |
| таттуу | sweet |
| ширин | sweet |
| ачуу | bitter |
| кыйгыл | sour |
| туздуу | salty |
| тузсуз | without salt |



**2-көнүгүү. Сүрөттөр боюнча заттын кайдан чыкканын билгиле.**
Exercise 2. Write what the product is made of

Мисалы: Нан буудайдан (эмнеден?) жасалат. Wheat bread (from what?) done.

**СҮТ АЗЫКТАРЫ**
DAIRY PRODUCTS




жасалат




жасалат

**ЭТ АЗЫКТАРЫ**
MEAT PRODUCTS



**Быжы – ичегиден жасалат**
Боор, пияз, туз, күрүч, ич май майда тууралат. Аны ичегиге куят.
Chopped onion, liver, salt, rice, lard will be placed into the intestines.

… … жасалат.



**3-көнүгүү. Сүрөттөр боюнча иштегиле.**
Exercise 3. Work on the images.

| | | |
|---|---|---|
|  |  |  |
| Күлчөтай | Беш бармак | Оромо |
|  |  |  |
| Манты | Каттама | Май токоч |
|  |  |  |
| Жупка нан | Чучук | Казы-карта |

# СУУСУНДУКТАР
DRINKS

| | | | |
|---|---|---|---|
|  |  |  |   |
| Кымыз | Чалап | Жарма | Бозо |



**4-көнүгүү. Текстти окугула. Суроолорго жооп бергиле.**
Exercise 4. Read the text. Answer the questions.

## ЖЫГАЧ СААТ
WOODEN CLOCK

Көркөм чоң саатты механик 5 жылда жасаган. Сааттын бардык тетиктери жыгачтан жасалган. Бул саат 2 кылымдан ашык иштеп келе жатат. Саат Япониянын борборунда жайгашкан.

Суроолор:
1. Эмнени 5 жылда жасаган?
2. Саатты ким жасаган?
3. Саат эмнеден жасалган?
4. Саат кайда жайгашкан?

# 12-САБАК
# ЗАТТЫН ФОРМАСЫН, ӨЛЧӨМҮН БИЛДИРГЕН СӨЗДӨР
WORDS DENOTING THE FORM, AMOUNT OF THE SUBSTANCE

## МЕНИН БӨЛМӨМ
MY ROOM

Заттын формасын, өлчөмүн билдирген сөздөр кандай? деген суроого жооп берет.

The words that describe the shape and size of things answers the question How? What kind of?

**Сөздөрдү жаттагыла.**
Learn vocabulary

| **Заттын формасы жана өлчөмү**<br>Shape and size of the substance | | | |
|---|---|---|---|
| Тегерек | round (flat) | ичке | thin, delicate |
| тоголок | round (spherical) | жоон | thick |
| жалпак | flat | узун | long |
| сүйрү | oval | кыска | short |
| чарчы | square | бийик | high |
| айлана | circle | жапыз | short; low |
| жарым айлана | half circle | жумшак | soft |
| чоң | big | катуу | hard |
| кичине | small | терең | deep |

| | | | |
|---|---|---|---|
| үч бурчтуу | triangular | тайыз | shallow |
| төрт бурчтуу | quadrangular | тар | narrow |
| тик бурчтуу | rectangular | кенен | wide |
| оор | heavy | калың | fat |
| жеңил | light | жука | thin |



**1-көнүгүү. Берилген сүрөттөрдүн формаларын атагыла.**
Exercise 1. Write the shapes of the images presented.











**2-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү окугула.**
Exercise 2. Read the sentences.





Бул мейманкана. Биз мейманканада конок тособуз. Коноктторго даамдуу тамактарды жасайбыз.



Уктоочу бөлмө. Уктоочу бөлмөдө уктайбыз. Бул бөлмө таза жана жарык. Парданын өңү көк. Мында чоң күзгү бар.



Бул ашкана. Ашканада тамак бышырабыз жана тамак жейбиз. Ашканадан жашыл дарактар көрүнүп турат. Столдун үстүндө сары гүл турат.



**3-көнүгүү. Текстти окугула жана суроо түзгүлө.**
Exercise 3. Read the text and make the questions.



Бул менин бөлмөм. Менин бөлмөм жарык жана таза. Бөлмөмдө узун текче бар. Текчеде китептер, сүрөттөр бар. Бөлмөнүн терезеси чоң. Терезеде гүл турат. Столдо компьютер турат. Дивандын жана отургучтун өңү кызыл. Шыпта тоголок асма шам илинип турат. Терезенин пардасы ак.

**4-көнүгүү. Жаңылмачты жаттагыла.**
Exercise 4. Memorize the pattern.



# 13-САБАК
# ӨҢ-ТҮСТҮ БИЛДИРГЕН СӨЗДӨР
WORDS DENOTING LIGHT

## АК ТҮСҮНҮН МААНИСИ
WHITE COLOR VALUE

**Түстөрдүн айтылышын жаттагыла.**
Remember the names of the color

| **ТҮСТӨР** | COLORS |
|---|---|
| Өң, түс | color; color |
| ак | white |
| кара | black |
| кызыл | red |
| агыш кызыл | pink |
| кызгылт сары | orange |
| көк | blue |
| жашыл | green |
| сары | yellow |
| боз | grey |
| күрөң | brown |
| сыя көк | violet |
| ачык ... | bright ... |
| кочкул | dark |

**1-көнүгүү. Сүрөттөр боюнча берилген тапшырмаларды аткаргыла.**

Exercise 1. Complete tasks based on pictures.



Бул кызгалдак.
Бул сары кызгалдакпы?
________________________



___________________ көрүп турам.



Бул өрүк. Өрүк ________ түстө болот. Өрүк Баткенде өсөт. Өрүк… кыям жасалат.




Бул Ртуджа. Анын көйнөгү баркыттан тигилген. Ага __________ түстөгү көйнөк абдан жарашат.



Бул менин кичинекей карындашым (сиңдим). Анын бөлмөсү ______________ түстө кооздолгон. Мен карындашымды (сиңдимди) жакшы көрөм.

**2-көнүгүү. Кластер боюнча иштегиле.**
Exercise 2. Work with clusters.

Ак куунун (the white swan) кластерин түзгүлө.



**3-көнүгүү. Окугула. Айырмалап билгиле.**
Exercise 3. Read more. Differentiate the meanings.

### Ак түстүн мааниси

Ак – ак түс (ак кар, сүт, ак кагаз ж.б.)
white color (white snow, milk, white paper)

Ак – таза, жамандыгы жок сапат (ак көңүл, ак эмгек)
the quality is pure, without evil (benevolence, white labor)

Ак – күнөөсүз (innocent)

Ак – ак жаан (узакка созулуп, майдалап жааган жаан)
white rain (prolonged, crumbling rain)

Ак – ак сакал (кеңеш берүүчү карыя)
white beard (old man consultant)

Ак – ак жол (жолго чыкканда айтылуучу каалоо)
the white way (the wish that is pronounced when you go on the road)

Ак – ак жолтой (жакшылыкка себепкер болуу)
successful (be the cause of good)

Ак – ак кол (эмгектен качкан адам)
white hand, sluggard (a man avoiding to work)

Ак – ак жуумал (кубакай, сулуу жүздүү)
blond (pale, with a beautiful face).



**4-көнүгүү. Окшош түстөрдү бириктирип сүйлөмдү окугула.**
Exercise 4. Read a proverb combining similar colors.

Ак | көнүлү | бирок+ | Эжемед | 

Кыздын | ийиле | кызылда | сынбайт | жагат



**5-көнүгүү. Окуп, айтып бергиле.**
Exercise-5. Read and tell me

**Жаратылыштагы түстөр**

Жаратылыш ар түрдүү түстөргө бай. Ар бир мезгилде жаратылыштын түстөрү өзгөрүп, бизге жаңы коооздуктарды тартуулайт.

- **Жашыл** – чөптөрдүн, дарактардын жана жалбырактардын түсү. Ал бизге тынчтык жана жаңылануну берет.
- **Кызыл** – гүлдөрдүн, мөмөлөрдүн түстөрү. Кызыл түс кубанычтын жана сүйүүнүн символу.
- **Көк** – асман жана суу. Көк түс тынчтыкты, ачыктыкты жана терендикти билдирет.
- **Сары** – күндүн түсү. Сары түс энергия жана жылуулукту көрсөтөт.
- **Ак** – кардын, булуттун түсү. Ак түс тазалыкты билдирет.
- **Кара** – жердин, тоолордун түсү. Кара түс күчтү жана сырдуулукту билдирет.

# 14-САБАК
# КЕЛБЕТТИ ЖАНА МҮНӨЗДҮ БИЛДИРГЕН СӨЗДӨР
# WORDS DENOTING APPEARANCE AND CHARACTER

## ДОСУМДУН МҮНӨЗҮ
## CHARACTER OF A FRIEND

**Сөздөрдү жаттагыла.**

Remember the words.

| **Адам жөнүндө** | About a human |
|---|---|
| Мүнөз | character: temper |
| келбет(и) | appearance |
| бой | height |
| узун бойлуу / бою узун | tall (about height) |
| кичинекей бойлуу/ бою кичине | short (about height) |
| орто бойлуу | average/ medium height |
| толук | plump |
| арык | thin |
| сулуу | beautiful (about a person) |
| татынакай, жакшынакай | sympathetic: attractive |
| кары | old (about a person) |
| жаш | young |
| жаштар | youth |
| жакшы | good |
| жаман | bad |
| ак көңүл | kind |
| маанай | mood |
| ачуулуу | angry; evil, bad |
| акылдуу | clever; smart |
| акылсыз, акылы жок | stupid |
| эмгекчил | hardworker |
| жалкоо | lazy |
| чынчыл | honest |

| | |
|---|---|
| жоош | modest |
| токтоо | quiet, calm |
| күчтүү | strong |
| шайыр | joyful: cheerful |
| бактылуу | happy |
| ынтымактуу | friendly |
| тартиптүү | brought up |
| ар түрдүү, ар кандай | different |
| башка | (an)other |
| окшош | alike, similar; (looking) like |
| сүйүн, кубан | to be glad |
| капа бол | to be sad |
| ыраазы бол | to be pleased *(with);* to be happy*(with)* |
| чарча | to be tired (of) |
| кызы / хобби | daughter, hobby |
| кызык | interesting |
| саякат | travel(l)ing |
| саякатта | to travel |
| ыр | poetry; sing |
| ыр жаз | to write a poem |
| ырда | to sing |
| музыка | music |
| музыка жаз | to write music |
| музыка ук | listen to music |
| бий | dance |
| бийле | to dance |
| сүрөт (картина, тартылган сүрөт) | picture; photo |
| сүрөт тарт | to draw a picture |
| сүрөткө тарт | take pictures |
| театр | theatre |
| спорт | sport |
| машык, спорт менен машык | to train: to go in for sport |
| оюн | game |
| ойно | to play |

| | |
|---|---|
| ат чабыш (улуттук оюндун түрү) | at chabysh (the races, type of a national equestrian game) |
| тогуз коргоол | toguz korgool (type of a national table game) |
| көк бөрү | kok boru (horse game) |
| күрөш | wresting |
| жаса | to make |
| велосипед теп | ride a bike |
| лыжа теп | to ski |
| бар | to go |
| жакшы көр | to love; to like |
| күлкү | laugh |
| күлкүлүү | funny |



**1-көнүгүү. Текстти окугула жана тапшырманы аткаргыла.**

Exercise 1. Read the text and complete the task.

Кыргыздар айбанаттардын, буюмдардын, жаратылыштын маанисин жана адамдардын мүнөзүн түс менен чагылдырган. Ак түс – жакшы маанини, кара – терс маанини, көк – өжөр, чөп, асман маанисинде колдонулат.

Kyrgyz depicted animals, objects, nature and the character of people in color. White is used to denote goodness, black is used to denote negativity, blue is used to denote stubbornness, grass, sky.

**Тапшырма. Төмөнкү сөздөр менен сүйлөм түзгүлө.**

Task. Make a sentence with the following words.

Ак көңүл – gracious; кара ниет – vindictive; көк киши (өжөр) – stubborn.

**2-көнүгүү. Текстти окугула. Мүнөздү билдирген сөздүн астын сызгыла.**
Exercise 2. Read the text. Underline the word denoting the character.

### Досумдун мүнөзү

Менин досумдун аты – Элдияр. Ал экономист болуп иштейт. Досумдун бою узун, келбеттүү. Ал мага салыштырганда токтоо. Элдияр 28 жашта. Досумдун бир уулу бар. Анын аты – Актан. Элдияр өзүнүн ишин так аткарат. Ал досторуна мээримдүү мамиле жасайт. Аны бардык кесиптештери сыйлайт.

**3-көнүгүү. Сүрөт боюнча мүнөздү айтып бергиле.**
Exercise 3. Describe what is happening based on the picture.








**4-көнүгүү. Сүйлөмдү толуктагыла.**
Exercise 4. Complete the sentence.

Менин апамдын бою __________. Ал ____________ аял. Мен апамды абдан жакшы көрөм. Апам ____________ жашайт. Апамдын аты ___________. Ал _________ жашта. Анын чачы ___________. Апам _________ даамдуу тамактарды жасап берет.

# 15-САБАК
# ЭСЕПТИК ЖАНА ИРЕТТИК САНДАР
SETTLEMENT AND SERIAL NUMBERS

## ТУРАК-ЖАЙЛАР
## БОЗ ҮЙ
GREY HOUSE

Эсептик сандарга **канча?** деген суроо берилет жана мүчө уланбайт.
How much is in the calculated figures? the question is asked, and the participant does not continue.

**Эсептик сандарды жаттагыла.**
Remember the calculated figures.

<table>
<tr><th>Катары<br>ordinal</th><th>Жазылышы<br>writing</th><th>Ондуктардын катары<br>orders dozens</th><th colspan="2">Ондуктардын азылышы<br>Writing dozens</th></tr>
<tr><td>1</td><td>бир</td><td>11</td><td rowspan="9">Он</td><td>бир</td></tr>
<tr><td>2</td><td>эки</td><td>12</td><td>эки</td></tr>
<tr><td>3</td><td>үч</td><td>13</td><td>үч</td></tr>
<tr><td>4</td><td>төрт</td><td>14</td><td>төрт</td></tr>
<tr><td>5</td><td>беш</td><td>15</td><td>беш</td></tr>
<tr><td>6</td><td>алты</td><td>16</td><td>алты</td></tr>
<tr><td>7</td><td>жети</td><td>17</td><td>жети</td></tr>
<tr><td>8</td><td>сегиз</td><td>18</td><td>сегиз</td></tr>
<tr><td>9</td><td>тогуз</td><td>19</td><td>тогуз</td></tr>
<tr><td>10</td><td>он</td><td>20</td><td colspan="2">жыйырма</td></tr>
<tr><td colspan="2" rowspan="8"></td><td>30</td><td colspan="2">отуз</td></tr>
<tr><td>40</td><td colspan="2">кырк</td></tr>
<tr><td>50</td><td colspan="2">элүү</td></tr>
<tr><td>60</td><td colspan="2">алтымыш</td></tr>
<tr><td>70</td><td colspan="2">жетимиш</td></tr>
<tr><td>80</td><td colspan="2">сексен</td></tr>
<tr><td>90</td><td colspan="2">токсон</td></tr>
<tr><td>100</td><td colspan="2">жүз</td></tr>
<tr><td>200</td><td>эки жүз …</td><td>1000</td><td colspan="2">миң</td></tr>
</table>



**1-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдү окугула.**
Exercise 1. Read the following sentences.

## Кыргызстандын кооз жерлери

Кыргызстан – Борбордук Азиядагы кооз өлкөлөрдүн бири. Бул жерде көптөгөн жаратылыш кереметтери жана тарыхый жайлар бар.

Эң бийик тоолордун бири – **Жеңиш чокусу** (7439 метр). Кыргызстандын аймагынын **94%** тоолор ээлейт. Өлкөнүн эң чоң көлү – **Ысык-Көл**, анын узундугу **178 чакырым**, ал эми туурасы **60 чакырым**.

Кыргызстанда жети облус бар: **Бишкек**, **Ош**, **Жалал-Абад**, **Нарын**, **Талас**, **Чүй** жана **Баткен**. Ар бир облус өзүнүн өзгөчөлүктөрү менен белгилүү. Мисалы, Нарын облусундагы **Соң-Көл** көлү жайында миңдеген малчылар үчүн жайлоо болуп саналат.

Өлкөдө байыркы тарыхый жайлар көп. **X–XII кылымдарга** таандык **Бурана мунарасы** тарыхый эстеликтердин бири. Андан тышкары, **Таш-Рабат кербен сарайы – XV кылымдын** архитектуралык эстелиги.

Кыргыз эли байыртан көчмөн маданияты менен белгилүү. Кыргызстанда **Дүйнөлүк Көчмөндөр Оюндарына** дүйнөнүн төрт бурчунан туристтер келишет.

Кыргызстан – тоолору, көлдөрү жана тарыхый жайлары менен белгилүү, меймандос эли бар кооз өлкө.



**2-көнүгүү. Табышмактагы суроолорго жооп бергиле жана бош орундарга тиешелүү сөздөрдү жазгыла.**
Exercise 2. Answer the puzzle questions and write the appropriate words in the spaces.

1. Бир чоң терек бар, анын он эки бутагы (branch) бар, ар бир бутагында отуздан жалбырагы (leaves) бар. Бул эмне?

2.

_______ төөнүн жүгү 10 кг шекер, ______ төөнүн жүгү 10 кг кебез.
Кайсы төөнүн жүгү (cargo) оорураак?

3.

_________ жумуртка 4 мүнөттө бышты. _______ жумуртканы бышырууга ___________ мүнөт кетет?

**3-көнүгүү. Канча чымчык бар?**
Exercise 3. How many birds are there?

Электр зымына
Эки чымчык конду.
Дагы келип бешөө,
Жети чымчык болду.

Учуп кетти экөө,
Бошоп калды орду.
Канча чымчык керек,
Түзүш үчүн онду?

Электр зымы – electric wire
чымчык конду – the bird landed
дагы келип – come again
болду – it was
учуп кетти – flew away
бошоп калды орду – vacant space
канча чымчык керек – how many birds do you need
түзүш үчүн онду – to have 10.

**4-көнүгүү. Макалдарды сүрөт боюнча окугула жана жазгыла.**
Exercise 4. Read and write proverbs.

1.



_________ __________ тең эмес.

2.

7



1



3.



70 өнөр аздык кылат.

**5-көнүгүү Тестти окугула жана санды көрсөткөн сөздөрдү белгилегиле.**
Exercise 5. Read the test and mark the words for the number.

## БОЗ ҮЙ СЫРЛАРЫ

Боз үй – улуттук архитектура. Боз үйдү жасаганда эч нерсе сатып албайт. Боз үйдүн жыгачын кыш айларында кыйып алышат. Анткени дарактын жашарышына шарт түзөт. Боз үйдү жылуулаганга 25 койдун жүнү кеткен. Койдун жүнү жайында кыркылган. Боз үй 25 жылга чейин колдонулат. Боз үйдү жасоо үчүн боёктор колдонулган. Аны жаңгактын жалбырагын кайнатуудан алган. Бул боёктун өңү өчкөн эмес. Боз үй ЮНЕСКОго кирген.



**6-көнүгүү. Текстти окугула жана суроолорго жооп бергиле.**

Exercise 6. Read the text and answer the questions.

| | |
|---|---|
| Менин атым Асель. Мен КРСУда 3-курстун студентимин. Мен Бишкекте бешинчи кичи-районунда жашайм. Бул биздин үйүбүз. Биздин үй 10 кабаттуу жана абдан кооз. Биздин үйдө 78 батир бар. Ар бир кабатта 4 батир жайгашкан. Биздин батир 5 бөлмөлүү: 1 меймканана, 3 уктоо бөлмөсү жана ашкана. Биз батирде атам, апам жана 2 агам менен жашайбыз. Атам инженер, апам мугалим болуп иштейт. Агам Айбек 25 жашта, ал банкта иштейт. Экинчи агам Нурбек 22 жашта, ал туристтик фирмада иштейт. Менин бөлмөм чыгыш тарапта жайгашкан жана абдан ыңгайлуу. Бөлмөмдө чоң стол, 2 отургуч, керебетим жана көп китебим бар. | My name is Asel. I am a 3rd year student at KRSU. I live in the fifth district of Bishkek. This is our house. Our house is very beautiful and has 10 floors. There are 78 apartments in our house. There are 4 apartments on each floor. Our apartment consists of 5 rooms: 1 living room, 3 bedrooms and a kitchen. We live in an apartment with my father, mother and 2 brothers. My father is an engineer and my mother is a teacher. My brother Aibek is 25 years old and works in a bank. My second brother, Nurbek, is 22 years old and works in a tourist company. My room faces the east—and is very comfortable. My room has a large table, 2 chairs, a bed, and many books. |

***Жаңы сөздөр***

Vocabulary

| | |
|---|---|
| кооз | beautiful |
| кабат | floor |
| батир | flat |
| жайгашкан | located |
| ашкана | kitchen |
| иштейт | working |
| чыгыш | east |
| ыңгайлуу | comfortable |

## **ИРЕТТИК САНДАР**
SERIAL NUMBERS

Иреттик сандар **канчанчы?** деген суроого жооп берет жана мүчө төмөнкүдөй уланат.

Ordinal numbers indicate the order of things. Answer the questions **How many? How much?**

| | **Мүчөнүн өзгөрүшү** Change of member | **Үлгү** Sample |
|---|---|---|
| Эгерде сан үндүү менен аяктаса,<br><br>If the number ends with a vowel | **-нчы, -нчу,**<br><br>**-нчү, -нчи** | эки+нчи, алты+нчы,<br><br>элүү+нчү |
| Эгерде сан жумшак же каткалаң үнсүздөр менен аяктаса,<br><br>If the number ends with soft or deaf consonants, | **-ынчы, -унчу,**<br><br>**-үнчү, -инчи** | бир+инчи,<br>үч+үнчү,<br>тогуз+унчу |
| 7-ноябрь – жети**нчи** ноябрь, 4-курс – төртүнчү курс, 6-күн – алтынчы күн, 1-кабат – бир**инчи** кабат. | | |

| **Катары** ordinal | **Жазылышы** writing | **Ондуктардын катары** orders dozens | **Ондуктардын азылышы** Writing dozens | |
|---|---|---|---|---|
| **1** | биринчи | **11** | Он | биринчи |
| **2** | экиинчи | **12** | | экинчи |
| **3** | үчүнчү | **13** | | үчүнчү |
| **4** | төртүнчү | **14** | | төртүнчү |
| **5** | бешинчи | **15** | | бешинчи |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **6** | алтынчы | **16** | алтынчы |
| **7** | жетинчи | **17** | жетинчи |
| **8** | сегизинчи | **18** | сегизинчи |
| **9** | тогузунчу | **19** | тогузунчу |
| **10** | он унчу | **20** | жыйырманчы |
| | | 30 | отузунчу |
| | | 40 | кыркынчы |
| | | 50 | элүүнчү |
| | | 60 | алтымышынчы |
| | | 70 | жетимишинчи |
| | | 80 | сексенинчи |
| | | 90 | токсонунчу |
| | | 100 | жүзүнчү |
| 200 | эки жүзүнчү | 1000 | миңинчи |



**7-көнүгүү. Суроолорго жооп бергиле.**
Exercise 7. Answers the questions.

1. Сен канчанчы курста окуйсуң?

______________________________.

2. Бүгүн канчанчы күн?

______________________________.

3. Сенин иниң барбы?

Ооба, ________________________.

4. Иниң канчанчы класста окуйт?

_____________________________.

5. Сен канчанчы группада окуйсуң?

________________________________.



**8-көнүгүү. Текстти окуп, эсептик жана иреттик сандарды бөлүп, дептерге жазгыла.**
Exercise 8. Read the text, write the cardinal and ordinal numbers.

Мен Индиядан бир жыл мурун келгем. Азыр Бишкек шаарында көп кабаттуу үйдө жашайм. Менин үйүм жетинчи кабаттагы отуз алтынчы үй. Мен жашаган үйдө 3 бөлмө бар.

Сабагым саат сегизде башталат. Бүгүн биринчи сабак – кыргыз тили. Кыргыз тили кызыктуу сабак. Биз жаңы сөздөрдү жаттайбыз.



**9-көнүгүү. Мүчөлөрдү улагыла.**
Exercise 9. Complete the sentences with affixes ordinal numbers.

1. Менин кызым бир... класста окуйт.
2. Айдар университетте беш... курста окуйт.
3. Бир... сентябрь – Билим майрамы.
4. Менин агам алты... кичи райондо жашайт.
5. Эки... курстан баштап, университеттин волейбол курамында ойнодум.
6. Жарыш башталды. Айша бир... болуп жүгүрдү. Ал алдыда жүрдү.
7. Талант эки... болду. Ал дагы катуу жүгүрдү.
8. Канат үч... болуп келди.

# 16-САБАК
# УБАКЫТ
TIME

## АПТА КҮНДӨРҮ
WEEKDAY

Убакытты билүү үчүн **саат канча болду?** деген суроо берилет. Убакытты билдирүү "калды" же "өттү" сөзү менен айтылат.

What time is it to find out the time? the question will be asked: "why?" The expression of time is pronounced with the word "left" or "passed".

**Жаңы сөздөр:**
Саат
Убакыт
Эрте менен
Түштө
Кечинде
Түндө

Саат канча болду? – What time is it?
Саат канчада келесиң? – What time will you com?
-га барам – I go to
- көздөй барам – I go towards
- тарапта – on the side
- өйдө – up
- ылдый – down
-га чейин – up to
-дан кийин – after



**1-көнүгүү. Суроолорго жооп бергиле.**
Exercise 1. Answer the questions.



Бул эмне?
Бул________.



Бул кол саат. Сааттын өңү ________.



Булар эмнелер?
____________________
Сааттардын өңү кандай?
________________________



**2-көнүгүү. Убакытты айтып бергиле.**
Exercise 2. Specify the time.

**СААТ КАНЧА БОЛДУ?**



Саат _____ болду.
Мен саат ______де турамын.
Сен канчада турасың?



Саат ______ болду.
Сабак канчада башталат?
________________________________.



Саат канча болду?
Саат экиге он мүнөт **калды.**



Саат канча болду?
Саат ондон он мүнөт **өттү.**



Саат канча болду?
Саат жетиден отуз мүнөт **өттү.**
Саат жети **жарым** болду.




### 3-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдү бүтүргүлө.

1. Саат 6:30
2. Кечки саат 19:20
3. Эрте менен саат 08:15
4. Түшкү саат 12: 30
5. Бүгүн таңкы саат 06:10
6. Кечки саат 21: 30
7. Кечки саат 22: 40

**4-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү бүтүргүлө.**
Exercise 4. Please finish the sentences.

1. Саат 07.00 ден 08.00 га чейин…
2. Саат 09.00 дан 10.30 га чейин…
3. Саат 12.20 дан 15.15 ге чейин…
4. Саат 18.00 ден 21.00 ге чейин…
5. Саат 22.00 ден 23.40 га чейин…

**Саат канчада? деген суроого төмөнкүчө жоок беребиз.**
To the question, what time is it now, we answer as follows.




**5-көнүгүү. Суроолорго жооп бергиле.**
Exercise 5. Answer the questions.

Сен саат канчада турасың? ________________________________.




Балдар саат ________ ойношот.



Студент телевизорду саат канчада көрүп жатат (watching)?
______________________________________________.

– Сен саат канчада китепканага барасың?
– Мен китепканага саат _______ барам.
– Ведант КРСУдан канчада келет?
– Ведант КРСУдан _______ келет.




**6-көнүгүү. Ирети менен сүйлөм түзгүлө.**
Exercise 6. Arrange the words into a sentence.

1. Башталат, биздин, саат, сегизде сабактар.
2. Футбол, менен, достор, ойнойбуз.
3. Кечээ, сүйлөштум, менен, телефондо, үй-бүлөөм.
4. Күн, чалды, эки, телефон, эжем, мурун.
5. Күн, көрдүк, жума, кызыктуу, абдан, фильм.

## АПТА КҮНДӨРҮ
WEEKDAY

**Апта күндөрүнүн айтылышын жаттагыла.**
Remember the pronunciation of the days of the week.







Кечээ – бүгүн –
эртең – мурда күнү –
бүрсүгүнү – эки күндөн кийин –
бир жумадан кийин – төрт күндөн кийин –



**7-көнүгүү. Таблицаны толтургула.**

| Кечээ | Бүгүн | Эртең |
|---|---|---|
| | **Дүйшөмбү** | |
| | **Шейшемби** | |
| | **Шаршемби** | |
| | **Бейшемби** | |
| | **Жума** | |
| | **Ишемби** | |
| | **Жекшемби** | |



**8-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.**
Exercise 8. Complete the sentences.

1. Айдай ____________ күнү базарга барат.
2. Биз ишембиде _______________ барабыз.
3. ______________________ күнү китепкана иштебейт.
4. ________________ күн абдан жылуу болот.
5. _________________ күнү кечинде киного барабыз.
6. _________________ спорт менен машыгуу ден-соолукка пайдалуу.

# 17-САБАК
# БУЙРУКТУ БИЛДИРГЕН СӨЗДӨР
THE IMPERATIVE VERBS

## УЧУР ЧАК, АНЫН ТЕРС ФОРМАСЫ
THE PRESENT TENSE, ITS NEGATIVE FORM

## АЗЫК-ТҮЛҮК ДҮКӨНҮНДӨ
AT THE GROCERY STORE

Буйрук иретиндеги кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдү жаттагыла.

Memorize the following Imperative Verbs.

| **Жекелик** | **Көптүк түрдө** | Imperative verbs |
|---|---|---|
| Жаз | жазгыла | write |
| көчүр | көчүргүлө | copy |
| көчүрүп жаз | көчүрүп жазгыла | copy and write |
| отур | отургула | sit down |
| тур | тургула | stand up |
| оку | окугула | read |
| котор | которгула | translate |
| ойно | ойногула | play |
| күл | күлгүлө | smile |
| жап | жапкыла | close/turn off |
| ач | ачкыла | open/ turn on |
| кир | киргиле | come in |
| кел | келгиле | come |
| чык | чыккыла | get out/go out |
| сүйлө | сүйлөгүлө | speak |

| | | |
|---|---|---|
| айт | айткыла | say |
| көр | көргүлө | see |
| кийин | кийингиле | get dressed |
| чечин | чечингиле | take off |
| тазала | тазалагыла | clean up |
| кайтала | кайталагыла | repeat |
| жатта | жаттагыла | memorize |
| эсте | эстегиле | remember |
| жуу | жуугула | wash |
| жуун | жуунгула | bath/take a shower |
| же | жегиле | eat |
| ич | ичкиле | drink |
| ук | уккула | listen |
| тамактан | тамактангыла | have a lunch/dinner |
| ойгон | ойгонгула | wake up |
| ал | алгыла | take |
| ырда | ырдагыла | sing |
| кой | койгула | put |
| укта | уктагыла | sleep |
| төлө | төлөгүлө | pay |
| төлөп кой | төлөп койгула | pay off |
| келип тур | келип тургула | come again |
| этият бол | этият болгула | be careful |



**1-көнүгүү. Жактарды туура окугула.**
Exercise 1. Read the entities correctly.

Сен
Сиз
Ал




эликти **атпа** + -гын -ныз -сын

Силер
Сиздер
Алар




китеп **оку** + -гула -нуздар -шсун

Силер
Сиздер
Алар



ушак **айтпа** + -гыла -ныздар -шсын

Силер
Сиздер
Алар



убакытты **үнөмдө** + -гүлө -нүздөр -шсүн

## УЧУР ЧАК, АНЫН ТЕРС ФОРМАСЫ
THE PRESENT TENSE, ITS NEGATIVE FORM

**Учур чак** кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурда болуп жаткандыгын билдирип, **эмне кылып жатат?** деген суроолорго жооп берет. Учур чак 4 жардамчы этиш сөздөр менен жасалат. Алар: **жат, отур, тур, жүр.**

**The Present Tense** indicates an action taking place in moment of speech. The present tense is formed with 4 auxiliaries. They are: жат, отур, тур, жүр.

The Present Tense: Answer the questions What is he/she/it doing? or What has been happening/doing?

| | | |
|---|---|---|
| Оку+**п** | + | **жат**+а+м |
| Жаз+**ып** | + | **отур**+а+сың |
| Котор+**уп** | + | **жат**+а+м |
| Сүйлө+**п** | + | **жат**+а+м |
| Ыйла+**п** | + | **отур**+а+сың |
| Ойно+**п** | + | **жүр** +ө+т |

| **Учур чак** | The Present Tense |
|---|---|
| Жазып отурам | I am writing |
| Сүзүп жатам | I'm swimming |
| Бийлеп жатасың | You are dancing |
| Ойноп жүрүшөт | They are playing |
| Ырдап жатабыз | We are singing |
| Сүрөт тартып жатасыз | You are painting |
| Театрга бара жатасыңар | You are going to the theater |
| Биз күлүп жатабыз | We are laughing |
| Алар келе жатышат | They are coming |
| Лекция угуп жатабыз | We are listening to a lecture |
| Доктур дарылап жатат | The doctor is treating |



**2-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдү окугула.**
Exercise 2. Read the following sentences.

1. Бүгүн кар жаап жатат.
   It is snowing today.

2. Мен досумду кампустун жанында күтүп жатам.
   I am waiting for my friend near the campus.

3. Прия үй тапшырмасын аткарып жатат.
   Pria is doing her homework.

4. КРСУда азыр тогуз миң студент билим алып жатат.
   Currently nine thousand students are studying at KRSU.

5. Кыргызстандын экономикасы күндөн күнгө өсүп жатат.
   The economy of Kyrgyzstan has been growing day by day.

**Учур чактын терс формасы төмөнкүдөй өзгөрөт:**
The negative form of the present tense changes as follows:

| | | | |
|---|---|---|---|
| **-ба** | **-бе** | **-бо** | **-бө** |
| **-па** | **-пе** | **-по** | **-пө** |

Оку+**ба**+й + жат+а+м

Жаз+**ба**+й + отур+а+м

**3-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдү кыргыз тилине которгула.**
Exercise 3. Translate the following sentence into Kyrgyz.

1. I'm reading.
2. My friend is writing.
3. Rtudga is singing.
4. Students are listening to lectures.
5. Aigul is watching TV.

**4-көнүгүү. Төмөнкү сүрөттөргө карап сүйлөм түзгүлө жана суроо бергиле**
Exercise 4. Look at the pictures below, make sentences and ask questions.










**5-көнүгүү. Диалогду окугула жана суроолорго жооп бергиле.**

Exercise 5. Read the dialogue and answer the questions.

## АЗЫК-ТҮЛҮК ДҮКӨНҮНДӨ

AT THE GROCERY STORE

| | |
|---|---|
| – Саламатсызбы? Кош келиңиз. | – Hello? Welcome. |
| – Саламатчылык. Сүт азыктары жана мөмө-жемиштер кайсы тарапта? | – Hello. Which side is dairy and fruits? |
| – Түз барып, солго бурулуңуз. | – Go straight please and turn left. |
| – Эт азыктары барбы? | – Are there meat products? |
| – Ооба, бар. Тоок эти, уй эти жана балыктар бар. | – Yes, there is. There is chicken, beef and fish. |
| – Ыракмат. Алып келейин. | – Thank you. Let me bring it. |
| – Эмне алдыңыз? | – What did you get? |
| – Нан, сүт, айран, туз, шекер, тоок этин, 10 жумуртка, жарым килограмм пияз, сабиз, кызылча, мөмө-жемиштерден алма, өрүк алдым. | – I took bread, milk, kefir, salt, sugar, chicken meat, 10 eggs, half a kilo of onions, carrots, beets, apples and apricots. |
| – Тооктун эти канча турат? | – How much does the chicken cost? |
| – Килограммы 400 сом. | – 400 soms per kilo. |
| – Баары 1050 сом болду. Карта менен төлөйсүзбү? | – Total 1050 soms. Do you pay by card? |
| – Жок, накталай төлөйм. | – No, I will pay in cash. |
| – Келип туруңуз. | – Come again. |
| – Албетте, келем. | – Of course, I will come. |

**Суроолорго жооп бергиле.**
Answer the questions.

1. Сүйлөшүү кайда өтүп жатат?
2. Сүт азыктары кайсы тарапта?
3. Дүкөндө эмнелер бар?
4. Кандай эт азыктары бар?
5. Дүкөндөн кандай жашылча-жемиштерди сатып алды?
6. Тоок этинин килосу канча?
7. Кардар канча сом төлөдү?



**6-көнүгүү. Текстти окугула жана суроолорго жооп бергиле.**
Exercise 6. Read the text and answer the questions.

**КЕЧКИ ТАМАК ДАРДОО**
PREPARATION OF DINNER

| | |
|---|---|
| Менин атым Айдай. Бүгүн Урмат досум менен азык-түлүк дүкөнүнө бардык. Бир жумалык азык-түлүк сатып алдык. Азыр биз кечки тамак үчүн шорпо жана салат **даярдап жатабыз.** Урмат жашылчалардан: сабиз, картошка, помидор, пияз, сарымсак жана калемпир **тазалап жатат.** Азыр мен казанга бир аз май куюп, пиязды, этти жана жашылча-ларды кууруп жатам. Андан кийин 1,5 литр суу куям. Мен шорпого жыпар жыттуу заттарды кошпойм. Шорпо 1 саатта даяр болот. Биз жашылчалардан салат **даярдап жатабыз.** Кечки тамагыбыз абдан даамдуу болду. | My name is Aidai. Today I went to the grocery store with my friend Urmat. We bought groceries for the week. Now we **are preparing** soup and salad for dinner. Urmat **is washing** vegetables: carrots, potatoes, tomatoes, onions, garlic and peppers. Now I am **putting** some oil in the pot and **frying** the onions, meat and greens. Then I pour 1.5 liters of water. I am not adding spices to the soup. Soup will be ready in 1 hour. We **are preparing** a green salad. Our dinner was delicious. |

**Суроолорго жооп бергиле.**
**Answer the questions.**

1. Айдай азыктарды кайдан алды?
2. Айдай азык-түлүк дүкөнүнө ким менен барды?
3. Кечки тамакка эмне жасап жатат?
4. Тамакка кайсы азыктарды кошуп жатат?
5. Шорпого жыпар жыттуу заттарды кошобу?
6. Кечки тамакка салат даярдадыбы?



**7-көнүгүү. Ирети менен сүйлөм түзгүлө.**
Exercise 7. Arrange the words into a sentence.


1. Жасап жатат, түшкү, апам, ашканада.
2. Группалаштар, ойноп жатабыз, менен, волейбол.
3. Сүйлөшүп жатам, азыр, менен, эжем, телефондо.
4. Которуу, китеп, эмес, оңой.
5. Билим, алып жатат, уулу, анын, Италияда.
6. Атам, мөмө-жемиш, сатып алып жатат, базарда.

# 18-САБАК
# КЕЛЕР ЧАК, АНЫН ТЕРС ФОРМАСЫ
FUTURE TENSE. THE NEGATIVE FORM

## МАЙРАМДАР
CELEBRATIONS

**Келер чак** келечекте боло турган иш-аракетти билдирет. Этиштин бул формасы уңгуга **-а** мүчөсүнүн жана таандык мүчөлөрдун кошулуусу аркылуу түзүлөт.

The future tense is formed by adding to the root of the participial affix **-a** and personal affixes predicates.



| **Келер чак** | Future tense |
|---|---|
| Болот | Will be |
| жылмаят | He/She will smile |
| сызабыз | We will draw |
| отурат | He/She will seat |
| капа болот | He/She will be sad |
| кубанабыз | We will happy |
| жактырам | I will like |
| эс алам | I will rest |
| кууруйм | I will roast |
| тигем | I will sew |
| токуйбуз | Will will knit |

**Келер чактын терс формасы төмөнкүдөй өзгөрөт.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| **-ба+й** | **-бе+й** | **-бо+й** | **-бө+й** |
| **-па+й** | **-пе+й** | **-по+й** | **-пө+й** |



көр+**бө**+й+м

сүйлө+**бө**+й+м

ук+па+йм



**1-көнүгүү. Берилген этиштердин терс формасын жазгыла.**
Exercise 1. Write the negative form of the given verbs.

Окуйм
Көрөсүң
Карайсыз
Жуунат
Келебиз
Ырдайсыңар
Кечигесиздер
Бийлешет

**Сөздөрдү жаттагыла.**

| | |
|---|---|
| Туулган күн | birthday |
| майрам | celebration |
| болот | will be, |
| туугандар | relatives |
| конок | guest |
| куттукташат | will congratulate |
| менен | with |
| бирге | together |
| уйдун эти | beaf |
| боорсок | Kyrgyz bread |
| нан | bread |
| май | oil |
| таттуу | sweet |
| даамдуу | delicious |
| тамак | cuisine |
| даярдайбыз | we will |
| улуттук | national |
| беш бармак | kyrgyz national cuisine |
| үчүн | for |
| кайнатабыз | we will boil |
| туурайбыз | we will chop |
| кесилген камыр | noodles, |
| кошобуз | we will add |
| каалоолор | wishes |



**2-көнүгүү. Текстти окугула жана суроолорго жооп бергиле.**
Exercise 2. Read the text and answer the questions.

## КОНОК ТОСУУ
RECEPTION OF GUESTS

| | |
|---|---|
| Бүгүн менин атамдын туулган күнү. Ошондуктан биздин үйдө бүгүн майрам болот. Кечинде үйгө туугандарыбыз конокко келишет. Атамды туулган күнү менен куттукташат. Атам, апам менен бирге базарга барабыз. Базардан уйдун этин, боорсок, нан, май, таттууларды, жашылча, мөмөжемиштерди сатып алабыз. Конокторго салаттын түрлөрүн, даамдуу тамактарды даярдайбыз. Улуттук тамагыбыз беш бармак үчүн уйдун этин кайнатабыз, андан кийин этти майда туурайбыз. Этке пияз жана кесилген камыр кошобуз. Беш бармак – абдан даамдуу тамак. Коноктор атама жакшы каалоолорун айтышат. | Today is my father's birthday. Therefore, today we have a celebration in our house. Our relatives will come to our house this evening. They will congratulate my father on his birthday. We will go to the market with my father and mother. We will buy beef, boorsok, bread, oil, sweets, vegetables, and fruit from the market. We prepare a variety of salads and delicious dishes for guests. For our national dish, beshbarmak, we will boil beef then chop the meat into small pieces. Then we will add onion and noodles to the meat. Beshbarmak is a very delicious dish. Guests will wish my father all the best. |

**Суроолорго жооп бергиле.**
Answer the questions.

1. Бүгүн кимдин туулган күнү?
2. Үйгө кимдер келишет?
3. Конокторго кандай даярданышат?
4. Базардан эмнелерди алышат?
5. Кандай тамактарды жасашат?
6. Беш бармак кандай жасалат?



**3-көнүгүү. Текстти окугула жана суроолорго жооп бергиле.**
Exercise 3. Read the text and answer the questions.

| **Кыргызстандагы майрамдар** | Holidays in Kyrgyzstan |
|---|---|
| Кыргызстанда **1-Январь** – Жаңы жыл, **23-Февраль** – Кызыл Армиянын күнү, **1-Сентябрь** – Билим күнү, **8-Март** – Аялдардын майрамы, **21-Март** – Нооруз майрамы, **7-Апрель** – Элдик революция күнү, **5-Май** – Конституция күнү, **9-Май** – Жеңиш күнү жана **31-Август** – Эгемендүүлүк күнү белгиленет. | In Kyrgyzstan, **January 1** – New Year, **February 23** – Red Army Day, **September 1** – Education Day, **March 8** – Women's Day, **March 21** – Nooruz, **April 7** – People's Revolution Day, **May 5** – Constitution Day, May 9 – Victory Day and **August 31** is Independence Day. |
| 1-Сентябрь – Билим күнү окуучулар, студенттер окууга келишет. Бул күнү эс албайбыз. | September 1 - Education Day, pupils and students start to study. We do not rest on this day. |
| Жаңы жылда жыл сайын борбордук Ала-Тоо аянтында балаты коомдолот. Жаштар аянтка барышат. Мен быйыл аянтка барбайм, себеби Жаңы жыл майрамын Ысык-Көлдө тосом. | Every year in the New Year, a Christmas tree is decorated in the central Ala Too square. Young people go to the square. I will not go to the square this year. The reason is that I spend the New Year holiday in Issyk-Kul. |
| Жеңиш күнүндө борбордук аянтта парад өткөрүлөт. Согуш ардагерлерине белектерди беребиз. | On Victory Day, a parade will be held in the central square. We give gifts to war veterans. |
| Мага Нооруз майрамы жагат. Анткени баары сүмөлөк даярдашат. Бири-биринин үйүнө конок болушат. Нооруз – мусулмандардын майрамы. | I love the holiday of Nooruz because everyone prepares sumolok. They are guests at each other's houses. Nooruz is a Muslim holiday. In Nooruz, we |

| | |
|---|---|
| Ноорузда кой союп, улуттук тамактарды (беш бармак, быжы, палоо, куурдак, манты, боорсок) жасайбыз. Турак-жайларды арча менен аластайбыз. | slaughter sheep and cook national dishes (besh barmak, byzhy, plov, kuurdak, manty, boorsok). We decorate the houses with juniper. |
| Мен ар бир майрам күнү ата-энемди куттуктайм. Менин атам-согуш ардагери. Ал эрдиги үчүн төш белги менен сыйланган. | I congratulate my parents on every holiday. My father is a war veteran. He was awarded a bravery badge. |



**4-көнүгүү. Текстти окугула жана суроолорго жооп бергиле.**
Exercise 4. Read the text and answer the questions.

1. Билим күнүндө окуучулар эмне кылышат?
2. Жаңы жылда жаштар эмне кылышат?
3. Бул күнү эмне кылбайбыз?
4. Жаңы жылда эмне болот?
5. Жаңы жылда эмне кыласың?
6. Нооруз майрамын кантип майрамдашат?



**5-көнүгүү. Келгиле сүйлөшөлү.**
Exercise 5. Let's talk.

1. Индияда кандай майрамдар бар?
2. Улуттук майрамдарды айтып бергиле?
3. Кайсы майрам сизге көбүрөөк жагат?
4. Индияда улуттук тамактардын кандай түрлөрү бар?
5. Майрамда кандай тамактарды жасашат?

# 19-20-САБАК
# АЙКЫН ЖАНА АДАТ ӨТКӨН ЧАК, АЛАРДЫН ТЕРС ФОРМАЛАРЫ.
THE PAST SIMPLE AND PAST CONTINUOUS TENSE, THEIR NEGATIVE FORMS

## МЕН ОКУГАН КРСУ
THE KRSU WHERE I STUDIED

## БАЛАЛЫК ЧАГЫМ
CHILDHOOD

**Айкын өткөн чак** кыймыл-аракеттин учурда болуп өткөнүн билдирет жана эмне кылды? деген суроолорго жооп берет. Past Simple Tense used to express an action already completed or occurred in the past at a certain moment.

**-ды (-ди, -ду, -ды);**
**-ты (-ти, -ту, -ту**

| **Айкын өткөн чак** | Simple Past Tense |
|---|---|
| Кел+**ди**+м | I came |
| Сура+**ды**+ң | You asked |
| Жооп бер+**ди**+ңиз | You answered |
| Ойгон+**ду** | He/she woke up |
| Ойлон+**ду**+к | We thought |
| Укта+**ды**+ңыз | You slept |
| Машык+**ты**+ңар | You trained |
| Кыйкыр+**ыш**+ты | They shouted |

| | |
|---|---|
| Мен ойно+ду+м | I played |
| Сен ойно+ду+ң | You played |
| Сиз ойно+ду+нуз | You played |
| Ал ойно+ду | He/She played |
| Биз ойно+ду+к | We played |
| Силер ойно+ду+ңар | You played |
| Сиздер ойно+ду+ңуздар | You played |
| Алар ойно+ш+ту | They played |

| | |
|---|---|
| Мен жаз+ды+м | I played |
| Сен жаз+ды+ң | You played |
| Сиз жаз+ды+ңыз | You played |
| Ал жаз+ды | He/She played |
| Биз жаз+ды+к | We played |
| Силер жаз+ды+ңар | You played |
| Сиздер жаз+ды+ңыздар | You played |
| Алар жаз+ыш+ты | They wrote |

**Айкын өткөн чактын терс формасы төмөнкүдөй өзгөрөт:**
The negative form of the Past Simple Tense changes as follows:

| | | | |
|---|---|---|---|
| **-ба** | **-бе** | **-бо** | **-бө** |
| **-па** | **-пе** | **-по** | **-пө** |

Корк+**по**+дум

Жаз+**ба**+йм

Чурка+**ба**+дык

Колдон+**бо**+дум



| **МЕН ОКУГАН КРСУ** | THE KRSU WHERE I STUDIED |
|---|---|
| Менин аты-жөнүм Ашымов Нуртай. Мен Кыргыз-Россия Славян университетинин медицина факультетин бүтүрдүм. Биздин университет 1993-жылы 9-сентябрда түзүлгөн. Университетти ачуу аземине Кыргызстан жана Россия мамлекетинин өкүлдөрү, дипломаттар, окутуучулар курамы жана ишкерлер катышышты. Бул жолугушууда эл аралык келишимге кол коюлду. | My name is Ashimov Nurtai. I studied at the Medical Faculty of the Kyrgyz-Russian Slavic University. Our university was founded on September 9, 1993. The government representatives of Kyrgyzstan and Russia, diplomats, scientists and businessmen took part in the opening ceremony of the university. During this meeting they signed an intergovernmental agreement. |
| Университетке алгач 1993-жылы 156 студент кабыл алынган. Анда жогорку квалификациялуу окутуучулар иштешет. Заманбап китепкана, окуу лабораториялары бар жана техникалык жабдуулар менен камсыздалган. Чет өлкөдөн келген студенттерге жатакана берилет. Университетте 8 факультет, 92 кафедра иштейт жана он миңдей студент окуйт. | In 1993, 156 students were admitted to the university. The university employs highly qualified teaching and scientific staff. A modern library and educational laboratories have been organized, technical equipment and the Internet have been provided. They have also been providing accommodation for international students. The university has 8 faculties, 92 departments and about ten thousand students. |
| 2004-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен университетке Россия Федерациясынын биринчи Президенти Б. Н. Ельциндин ысымы ыйгарылган. | In 2004, by Decree of the President of the Kyrgyz Republic, the university was named after the first President of the Russian Federation B. N. Yeltsin. |

| | |
|---|---|
| Азыркы учурда Кыргыз-Россия Славян университети Россиянын, Европанын жана Азиянын алдыңкы университеттери менен кызматташат. КРСУда илимий борборлор жана институттар, орто мектеп, көркөм сүрөт галереясы, тарых музейи, студенттик клубдар, окуу-методикалык бөлүм иштейт. | Currently, the Kyrgyz-Russian Slavic University cooperates with leading universities in Russia, Europe and Asia. KRSU has research centers and institutes, a secondary school, an art gallery, a historical museum, student clubs, and a cultural and methodological department. |
| КРСУда Индия, Белоруссия, Израил, Казакстан, Кытай, Пакистан, Өзбекстан, Түштүк Корея жана башка өлкөлөрдөн келген студенттер билим алышат. | Students from India, Belarus, Israel, Kazakhstan, China, Pakistan, Uzbekistan, South Korea and other countries study at KRSU. |

| **Жаңы сөздөр** | Vocabulary |
|---|---|
| Ачуу аземи | opening ceremony |
| ишкерлер | businessmen |
| түзүлгөн | founded |
| билим адамдары | scientists |
| катышкан | took part |
| жолугушуу | meeting |
| өкмөт | government |
| кол коюлган | signed |
| илимий кадрлар | scientific staff |
| заманбап | modern |
| китепкана | library |
| уюштурулган | organized |
| камсыздалган | provided |
| чет өлкөлүк | foreign |
| жарлык | decree |
| ыйгарылган | named after |
| кызматташат | cooperates |
| илимий борборлор | scientific centers |

| | |
|---|---|
| орто мектеп | high school |
| тарых музейи | history museum |
| жыл сайын | every year |
| жиберилет | will be sent |
| билим алышат | get education |
| мамлекеттик өкүлдөр | government representatives |
| эл аралык келишим | international agreement |
| жогорку квалификациялуу | highly qualified |
| окуу лабораториялары | educational laboratories |
| техникалык жабдуулар | technical equipment. |



**1-көнүгүү. Суроолорго жооп бергиле.**
Exercise 1. Answer the questions.

1) Кыргыз-Россия Славян университети качан ачылган?
2) Ачуу аземине кимдер катышкан?
3) 1993-жылы кабыл алынган студенттердин саны канча эле?
4) Университет эмнелер менен камсыз болгон?
5) Университетте кандай кафедралар бар?
6) Университеттин китепканасы учурдун талабына жооп береби?
7) Университетте кайсы мамлекеттен келген студенттер окушат?




**2-көнүгүү. Тексттеги маалыматтардын туура же ката экендигин белгилегиле.**
Exercise 2. Mark whether the information in the text is true or false.

| | Туура | Ката |
|---|---|---|
| Нуртай Кыргыз-Россия Славян университетинде окуйт. | | |
| Ал экономика бөлүмүндө окуйт. | | |
| Университет 1993-жылы 9-сентябрда түзүлгөн. | | |
| Университетте китепкана, окуу лабораториялары уюштурулган. | | |
| Университеттин кызматкерлери жана студенттери Индияга окууга жиберилет. | | |
| КРСУда Россия жана башка өлкөлөрдөн келген студенттер билим алышат. | | |

**АДАТ ӨТКӨН ЧАК, АЛАРДЫН ТЕРС ФОРМАЛАРЫ.**
PAST CONTINUOUS TENSE, THEIR NEGATIVE FORMS.

**Адат өткөн чак** кайталанган кыймыл-аракетти билдирип, **эмне кылчу?** деген суроого жооп берет.
Past Continuous Tense indicates the action happened as a habit or was repeated several times.




| **Айкын өткөн чак** | Past Continuous Tense |
|---|---|
| Айдачумун | I was driving |
| Ойночубуз | We were playing |
| Колдончусуз | We were usering |
| Ойлончусуңар | You were thinking |

| | |
|---|---|
| Кийчүмүн | I was wearing |
| Окучусуң | You were studing |
| Барчумун | I was going |
| Сүйлөшчүмүн | I was talking |
| Укчусуз | You were listening |
| Кыялданчумун | I was dreaming |
| Сукtanчумун | I was admiring |
| Көрчүсүң | You was watching |
| Сыйлачусуң | You were respecting |
| Жыргачубуз | We were enjoying |
| Ырдачу | He/she was singing |

| **Балалык чагым** | My childhood |
|---|---|
| Менин атым Алина. Мен **балалык чагымды** көп **эстейм** жана сагынам. Балалык кезим Ысык-Көлдө өткөн. Ысык-Көл – Кыргызстандын **бермети**. Көлдө дайыма **асман** жарык, көл көк түстө болуп турчу. Жайында досторум менен көлгө түшчүбүз, **жээкте** чуркачубуз, топ ойночубуз. Жайында көлгө башка өлкөлөрдөн көп туристер келчү. Биздин үйүбүз көлдүн **жээгинде** жайгашкан. Жайында салкын, кышында жылуу болчу. Үйүбүздүн багында алма, алмурут, өрүк бар эле. Жайында каникул мезгилинде айылга чоң апама барчумун. Чоң апамдын үйүндө **кооз шырдактар**, **туш кийиз, жууркандар, оймолуу төшөктөр** көп болчу. Чоң апам мага ысык нан менен **каймак,** айран берчү. | My name is Alina. I **remember** and miss **my childhood** a lot. My childhood was spent in Issyk-Kul. Issyk-Kul is the pearl of Kyrgyzstan. The sky was always bright and the lake was blue. In the summer, my friends and I were swimming, running on the **beach**, and playing ball. In the summer, many tourists from other countries came to the lake. Our house is located **by the lake**. It was cool in the summer, warm in the winter. Our house had a garden with apples, pears. During the summer holidays, I visited my grandmother in the village. In my grandmother's house, there were many beautiful hand made wool rugs, **elaborately embroidered and hanging from the wall, blankets**, and **patterned beds**. My grandmother gave me hot bread, **cream** and kefir. |

**3-көнүгүү. Суроолорго жооп бергиле.**

Exercise 3. Answer the questions.

1. Алинанын балалык чагы кайда өткөн?
2. Ал жайкы каникулда эмне кылчу?
3. Анын үйү кайда жайгашкан?
4. Алинанын үйүн сүрөттөп бер?
5. Жайкы каникулда кимге барчу?
6. Чоң энеси ага эмне берчү?





**Жаңы сөздөр** Vacabulary

| | |
|---|---|
| Балалык чак | childhood |
| сагынам | I miss |
| эстейм | remember |
| жээк | beach |
| килем | carpet |
| бермет | pearl |
| жарык | bright |
| бас | walk |
| шырдак | hand made wool rug |
| жууркандар | blankets |
| каймак | cream |
| туш кийиз | elaborately embroidered wall hanging |
| иликтедик | researched |





**4-көнүгүү. Тексттеги маалыматтардын туура же ката экендигин белгилегиле.**
Exercise 4. Mark whether the information in the text is true or false.

| | | Туура | Ката |
|---|---|---|---|
| 1. | Алинанын балалык чагы Ысык-Көлдө өттү. | | |
| 2. | Ал балалык чагын эстебейт. | | |
| 3. | Жайында ал достору менен көлгө түштү. | | |
| 4. | Ал каникул мезгилинде айылга чоң апасына барды. | | |
| 5. | Чоң апамдын үйүндө кооз шырдактар бар. | | |
| 6. | Чоң апасы Алинага ысык нан менен сүт берди. | | |

**5-көнүгүү. Суроолорго жооп бергиле.**
Exercise 5. Answer the questions.

1. Сенин балалык кезиң кандай өттү?
2. Бала кезде каникулду кандай өткөрчүсүң?
3. Балалык кезинде кайсы спорт менен машыкчусуң?
4. Бала кезде көп балмуздак жедиңби?
5. Жайкы каникулда сууга сүздүңбү?
6. Шахмат ойночусуңбу?
7. Кандай фильмдерди жакшы көрчүсүң?

## АДАТ ӨТКӨН ЧАКТЫН ТЕРС ФОРМАЛАРЫ.
THE NEGATIVE FORMS OF THE PAST CONTINUOUS TENSE

**Адат өткөн чактын терс формасы төмөнкүдөй өзгөрөт:**
The negative forms of the Past Continuous Tense changes as follow:

| | |
|---|---|
| **-чу эмес** | **-ба, -бе, -бо, -бө+чу (-чү)** |
| **-чү эмес** | **-па, -пе, -по, -пө+чу (-чү)** |

Бар+**чу**+ + **эмес**+мин

Оку+**чу**+ + **эмес**+сиң

Жаз+**чу**+ + **эмес**+пиз

**Көнүгүү 6. Берилген этиштердин терс формасын жазгыла.**
Exercise 6. Write the negative form of the given verbs.

| | | |
|---|---|---|
| Котор – | ойно – | көр – |
| кел – | тамактан – | сагын – |
| жуу – | жатта – | жылмай – |
| ойлон – | ич – | суктан – |

**7-көнүгүү. Төмөндөгү этиштерди колдонуп сүйлөм түзгүлө.**
Exercise 7. Make sentences using the verbs below.

Жаздык, ал, котором, иштешет, оку, иликтедик, уюштур, даярдан, белгиле, сүйлөм түз, алмаштыр, барабыз, күтөбүз, жашайм, окуйм, келбейсиң, кетпейсиң, келет, кетет, жардам берет, эс алышат, жазасыңар, иштешпейт, көрөсүңөр.

# 21-САБАК
# КЕСИПТИ БИЛДИРГЕН СӨЗДӨР
WORDS DENOTING A PROFESSION


## АР БИР КЕСИП АРДАКТУУ
EVERY PROFESSION IS HONORABLE

Кесипти билдирүүчү **-чы, -поз, -кер** мүчөлөрү уланган зат атоочтор.

Affixes that indicates profession/occupation are **-чы, -поз, -кер.**

| **Кесиптер** | Professions |
|---|---|
| Айдоо**чу** | Driver |
| ашпозчу | cheif |
| котормочу | translator |
| бий**чи** | dancer |
| тикмечи | tailor |
| окутуучу | teacher |
| кызмат**кер** | employee |
| илим**поз** | scientist |
| уюштуруучу | organizer |
| доктур | doctor |
| сүрөтчү | artist |
| ыр**чы** | singer |
| жазуу**чу** | writer |
| машыктыруучу | coach |





Таланттуу дирижёр Атактуу жазуучу





Мыкты хирург Болочок доктурлар



**1-көнүгүү. Диалогду окугула.**
Exercise 1. Read the dialogue.

**КЕСИП ЖӨНҮНДӨ МАЕК**
CONVERSATION ABOUT PROFESSION

| | |
|---|---|
| – Салам Нурсултан?<br>– Салам Раджа.<br>– Сен кайсы университетте окуйсуң?<br>– Мен КРСУда медициналык факультетте окуйм.<br>– А сенчи?<br>– Мен КРСУда эл аралык мамилелер факультетинде окуйм. | – Hello Nursultan?<br>– Hello Raja.<br>– In which university do you study?<br>– I study at the Faculty of Medicine at KRSU.<br>– How about you?<br>– I study at the Faculty of International Relations at KRSU. |

| | |
|---|---|
| – Келечекте кайсы бөлүмдү тандагың келет? | – Which brunch do you want to choose in the future? |
| – Мен келечекте педиатр болгум келет. | – I want to become a pediatrician in the future. |
| – Абдан жакшы. А мен дипломат болууну каалайм. | – So awesome. I want to be a diplomat. |
| – Эмнеге медицина факультетин тандадың? | – Why did you choose the medical faculty? |
| – Себеби менин ата-энем доктурлар. Агам хирург. Доктурлук кесипти сүйөм. Келечекте доктур болуп элиме кызмат кылсам деп ойлойм. | – Because my parents are doctors. My brother is a surgeon. I'd love to be doctor. I want to be a doctor and serve my people in the future. |
| – Абдан сонун. Тилеген максатыңа жет. | – So awesome. Achieve your desired goal. |
| – Рахмат. | – Thank you. |

**2-көнүгүү. Суроолорго жооп бергиле.**
Exercise 2. Answer the questions.

1. Раджа менен Нурсултан кайсы университетте окушат?
2. Раджа кайсы факультеттин студенти?
3. Ал эмне үчүн медициналык факультетти тандаган?
4. Нурсултан кайсы факультетте окуйт?
5. Ал келечекте ким болгусу келет?

**3-көнүгүү. Текстти окугула жана суроолорго жооп бергиле.**
Exercise 3. Read the text. Answer the questions.

## АР БИР КЕСИП АРДАКТУУ
EVERY PROFESSION IS HONORABLE

| | |
|---|---|
| Дүйнө жүзүндө көптөгөн кесиптер бар. Алардын ар бири ардактуу. Окмуштуулар дүйнө жүзүндө 40 миңге жакын кесип | There are many professions in the world. Each of them is honorable and important. Scienti-sts say that there are about |

| | |
|---|---|
| бар дешет. Кыргызстанда 10 миңге жакын кесип бар. Мугалим, дарыгер, ашпозчу, сатуучу, инженер, айдоочу, саанчы, учкуч, куруучу, өрт өчүргүч, почточу, кийим тигүүчү жана башка кесиптер. Мугалимдер балдарга билим, тарбия берет. Доктурлар – биздин ден соолугубуздун сакчылары. Куруучу жолдорду, көпүрө жана бийик үйлөрдү курат. Тартип сакчысы биздин коопсуздугубузду коргойт. Ашпозчу бизге даамдуу тамактарды жасайт. Учурда маалыматтык технологиянын өнүгүүсү менен жаңы кесиптер пайда болду. Алар: копирайтер, веб-дизайнер, IT-технологдор. | 40,000 professions in the world. There are about ten thousand professions in Kyrgyzstan, and each of them is unique. We know teachers, doctors, cooks, salesmen, engineers, drivers, milkmen, pilots, builders, firefighters, postmen, tailors and other professions. Teachers teach and educate children. Doctors are the guardians of our health. A construction worker builds roads, bridges and high-rise buildings. The security guard protects our safety. The chef prepares delicious dishes for us. Currently, with the development of information technology, new professsions have appeared: copywriter, web designer. |

**Жаңы сөздөр** Vacabulary

| Кесип | Profession |
|---|---|
| ардактуу | Honorable |
| маанилүү | important |
| илимпоз | scientists |
| ашпозчу | cheif |
| сатуучу | salesmen |
| инженер | engineers |
| айдоочу | drivers |
| саанчы | milkmen |
| учкуч | pilots |
| куруучу | builders |
| өрт өчүргүч | firefighters |
| почточу | postmen |

| | |
|---|---|
| кийим тигүүчү | tailors |
| өстүрөт | grow |
| ден-соолук | health |
| сакчы | guardian |
| курат | will build |
| жасайт | protect will make |
| учурда | will make |
| почточу | currently |



**4-көнүгүү. Суроолорго жооп бергиле.**

Exercise 4. Answer the questions.

1. Окмуштуулар дүйнө жүзүндө канча кесип бар дешет?
2. Доктурлук кандай кесип?
3. Учурда кандай жаңы кесиптер бар?
4. Кайсы кесип маанилүү?
5. Силердин өлкөдө кандай кесиптер бар?
6. Дыйкандар эмне кылат?
7. Мугалимдик кесип пайдалуубу?



**5-көнүгүү. Маалыматтын кимге таандык экендигин белгилегиле.**

Exercise 5. Find please the matches.

| | котормочу | жазуучу | айдоочу | куруучу | сүрөтчү | тарбиячы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Сүрөт тартат. | | | | | | |
| Балдарга тарбия берет. | | | | | | |
| Үйлөрдү курат | | | | | | |
| Которот. | | | | | | |
| Машине айдайт. | | | | | | |
| Чыгарма жазат. | | | | | | |

**22-САБАК**

# ШАРТТЫ БИЛДИРГЕН СӨЗДӨР
WORDS THAT DESCRIBE THE CONDITION

## УЛУТТУК ОЮНДАР
NATIONAL GAMES

## БЕЛГИЛҮҮ КЫРГЫЗ СПОРТЧУЛАРЫ
FAMOUS KYRGYZ ATHLETES

Кыргыз тилинде шартты билдирген **-са** мүчөсү этиш сөздөргө уланат.
Affix **-са** indicates conditions (conditional subjunctive).

Бар
Кел
Оку

\+ **-са, -се, -со, -сө** +

-м
-ң
-ңыз
ø

-к
-ңар
-ңыздар
-ышса
-к

| | |
|---|---|
| Мен шаарга кел+**се**+м, сен жок экенсиң. | When I came to town, you weren't there |
| Сиз кел+**се**+ңиз мен да барам. | If you come I will come too |
| Таза аба жуткуң кел+**се**, эрте тур | Get up early if you want fresh air |
| Таза өмүр сүргүң кел+**се**, эмгек кыл. | If you want to live a pure life, work hard. |

| | **Жактар** | **Этиш** | |
|---|---|---|---|
| | 1-жак **Мен** First-person pronoun | жең+се+**м** | If I will win |
| Жекелик сан **Singular** | 2- жак **Сен** Second-person pronoun | жең+се+**ң** | If you will win |
| | 2- жак **Сиз** Second-person pronoun Polite | жең+се+**ңиз** | If you will win |
| | 3-жак **Ал** third-person pronoun | жең+се | If he/she will win |
| | 1-жак **Биз** First-person pronoun | жең+се+**к** | **If we** will win |
| | 2- жак **Силер** Second-person pronoun | жең+се+**ңер** | **If you** will win |
| Көптүк сан **Plural** | 2- жак **Сиздер** Second-person pronoun Polite | жең+се+**ңиздер** | **If you** will win |
| | 3-жак **Алар** third-person pronoun | жең+иш+се | If **they** will win |

| | **Жактар** | **Этиш** | |
|---|---|---|---|
| | 1-жак **Мен** First-person pronoun | бар + са+**м** | If I will go |
| Жекелик сан **Singular** | 2- жак **Сен** Second-person pronoun | бар +са +**ң** | If you will go |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 2- жак **Сиз** Second-person pronoun | бар +**са+ныз** | **If** you will go |
| | 3-жак **Ал** third-person pronoun | бар +**са** | **If** he/she will go |
| | 1-жак **Биз** First-person pronoun | бар +**са**+к | **If** we will go |
| Көптүк сан **Plural** | 2- жак **Силер** Second-person pronoun | бар +**са**+нар | **If** you will go |
| | 2- жак **Сиздер** Second-person pronoun | бар + **са** +ныздар | **If** you will go |
| | 3-жак **Алар** third-person pronoun | бар +ыш+**са** | **If** Ithey will go |



**1-көнүгүү. Төмөнкү сөздөргө -са мүчөсүн улап жазгыла жана которгула.**

Exercise 1. Add conditional affix -са to the following verbs and translate.

| | | | |
|---|---|---|---|
| Мен оку... | Ал жаз... | Сиз бер... | Сен жатта... |
| Биз бар... | Силер үйрөн... | Сиздер көр... | Алар иште... |
| Мен корк... | Ал суктан... | Сиз ойлон... | Сен кет... |
| Биз күл... | Силер үйлөн... | Сиздер дарыла... | Алар ойно... |
| Мен изилде... | Ал ойгон... | Сиз тапшыр... | Сен кой... |
| Биз бил... | Силер жылмай... | Сиздер кир... | Алар же... |

**2-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдү англисчеге которгула.**
Exercise 2. Translate the following sentences into English.

1. Тазалыкты сактасаң оорубайсың.
2. Сен таза болсоң, мен таза болсом, коом да таза болот.
3. Ким көп окуса, көптү билет.
4. Кар кетип жаз келсе, өрүк гүлдөйт.
5. Гүл өссө, жердин көркү ачылат.

## Кыргызстандын белгилүү спортчулары



**Акжол Махмудов** – грек-рим күрөшүнүн жеңүүчүсү



**Мунарбек Сейитбеков** – бокс боюнча жеңүүчү



**Айсулуу Тыныбекова** – эркин күрөш боюнча дүйнөнүн үч жолку чемпиону



**Мээрим Жуманазарова** – эркин күрөш боюнча дүйнөнүн чемпиону

| МЕН СҮЙГӨН СПОРТ | MY FAVORITE SPORT |
|---|---|
| Менин атым Айсулуу Тыныбекова. Мен сүйгөн спорт – күрөш. Мен бала кезимден күрөш менен машыгам. Азыр эркин күрөш боюнча дүйнөнүн үч жолку жана Азиянын беш жолку чемпиону, Дүйнө кубогунун жана ар кандай эл аралык мелдештердин жеңүүчүсүмүн. Күрөш – кыргыз элинин улуттук оюну. Көбүнчө эл чогулган той-тамашада, ар кандай жыйында балбан күрөш уюштурулат. Күрөштө жеңген балбандарга байге берилген. Кыргыз эли эзелтеден эле балбандарды даңазалап, бул оюнду муундан муунга өткөрүшкөн. Мисалы, азыр Каба уулу Кожомкулду Кыргызстанда жашагандар гана эмес, башка өлкө элдери да билет. Анын атын сыймыктануу менен аташат, кыргыз спортунун сыймыгы катары баалашат. Күрөш оюну көк майданда, мектептин спорт залында атайы матрас төшөлүп, үстүнө килем салынган жумшак жерде ойнолот. Оюнга 7–17 жаштагы жана 20–25 курактагы эркек балдар катышат. Оюнчулар жашына, салмагына, күчүнө жараша топтолот. Күрөш 10–15 минутага созулат. Күрөштө жеңген оюнчуга 1 упай берилет. Оюндун акырында кайсы жааттын упайы көп болсо, ошол жаат утат. | My name is Aisuluu Tynybekova. My favorite sport is wrestling. I have been wrestling since childhood. Now I am a three-time world champion in freestyle wrestling and a five-time Asian champion, a World Cup winner, and a winner of various international competitions. Wrestling is the national sport of the Kyrgyz people. Both young and old people took part in the struggle. The wrestlers fought in various gatherings, often in front of crowds of people. Prizes were awarded to the wrestlers who won the bout. From time immemorial, the Kyrgyz people glorified wrestlers and passed their name on from generation to generation. For example, now Kaba uulu Kozhomkul is known not only by residents of Kyrgyzstan, but by the whole world. His name is mentioned with pride and is considered the sporting pride of the Kyrgyz people. The wrestling game is played on a green field, in the school gym, or on a soft carpeted surface. 20–25 boys aged 7–17 take part in the game. Players are grouped by age, weight and strength. The fight lasts 10–15 minutes. The player who wins the battle is awarded 1 point. At the end of the game, the team with the most points wins. |

**Жаңы сөздөр** Vacabulary

| | |
|---|---|
| Күрөш | Wrestling |
| машыгат | train |
| жеңүүчү | winner |
| сүйүктүү | favorite |
| үч жолку | three-time |
| оюн | game |
| байге | prize |
| балбан | a wrestler |
| даңазалаган | glorified |
| баалашат | appreciate |
| сыймык | pride |
| упай | points |
| берилет | will be given |
| утат | will win |
| катышкан | took part |
| дүйнө кубогунун жеңүүчүсү | world cup winner |
| той-тамаша | wedding/celebration |
| эл аралык мелдеш | various international competitions |
| муундан муунга өткөрүшкөн | from generation to generation |



**3-көнүгүү. Суроолорго жооп бергиле.**
Exercise 3. Answer the questions

1. Айсулуу Тынынбекова ким?
2. Айсулуу кайсы спорт менен машыгат?
3. Кайдай сыйлыктарын билесиң?
4. Күрөш кандай спорт?
5. Күрөштүн шарттары кандай?
6. Сенин өлкөндө күрөш өнүккөнбү?
7. Индияда кайсы спорт популярдуу?

# КЫРГЫЗДЫН УЛУТТУК ОЮНДАРЫ
KYRGYZ GAMES

Кыргыз элинин улуттук оюндары байыркы замандан бери ойнолуп келет. Алар күчтү, акылды жана шамдагайлыкты талап кылат.

**Көк бөрү** – эң популярдуу оюн. Чабандестер ат минип, улак тартышат. Бул оюн эр жүрөктүүлүктү жана шамдагайлыкты талап кылат.

**Ордо** – оюнунда оюнчулар тегерек болуп отуруп, таш ыргытышат.

**Тогуз коргоол** – акыл оюну. Оюнчулар санап, стратегияны колдонушат. Бул оюн шахматка окшош.

**Кыргыз күрөштө** – эки балбан күрөшөт. Ким атаандашын жыкса, ал жеңет.

**Жамбы атуу** – оюнунда оюнчулар жаа менен жебе атышат. Максат – жамбыны (алтын же күмүш буюм) атып түшүрүү.

**Ат чабыш** – кыргыздардын белгилүү жарыш оюну. Балдар жана чоңдор ат үстүндө чуркап, биринчи келип жеңүүчү болушат.

Бул оюндар кыргыз элинин маданиятын жана тарыхын көрсөтөт. Улуттук оюндар Көчмөндөр Оюндары сыяктуу иш-чараларда да ойнолот.



**Кыз куумай**



**Тыйын эңмей**



**Чүкө оюндары**



**Жаа атмай**



**Тогуз коргоол**



**Ат чабыш**

**Кыргыздын улуттук оюндары**

Ак чөлмөк
Ак терек, көк терек
Беш таш, топ таш
Селкинчек
Тогуз коргоол
Улак тартыш
Жоолук таштамай
Аркан тартыш
Кыз куумай
Шакек салмай
Ат чабыш

# 23-САБАК
# СӨЗ АЙКАШЫ
# WORD COMBINATION

## БЕЛГИЛҮҮ ИНСАНДАР
## FAMOUS PERSONALITIES

Сөз айкашы – эки же андан ашык сөздөрдөн турат. Алар бири-бири менен **байланышат**.

**1-көнүгүү. Сөз айкаштарын окугула жана которгула.**
Exercise 1. Read and translate the phrases.



Бийик
**Көп кабаттуу**
Кооз
→ **үй**



**Жашыл** → чөп
**Жашыл** → дарак

**Кичинекей** кыз
**Таза** аба

**2-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү төмөнкү сөздөр менен толуктагыла.**
Exercise 2. Complete the sentences with the following words.

*(белгилүү, кооз, Бишкек, тоолуу, жазган, кыргыз, үй-бүлөм, көрктүү, жаан)*
1. Индиянын борбору – ________ 2. Дели – ______ шаар. 3. _____ – Кыргызстандын борбору. 4. Кыргызстан ______ өлкө. 5. Кыргыз жери абдан кооз, ______. 6. Чыңгыз Айтматов – ______ жазуучусу. 7. Ал

____ инсан. 8. Ал көп чыгармаларды ____. 9. Менин ____ Индияда жашайт. 10. Жазында ____ көп жаайт.



**3-көнүгүү. Текстти уккула жана суроолорго жооп бергиле.**

Exercise 3. Listen to the text and answer the questions.

## КУРМАНЖАН ДАТКА
(1811–1907)





| | |
|---|---|
| Курманжан датка алайлык кыргыз аялдарынан чыккан. Ал алгачкы эл башчы болгон. Курманжан Алымбек даткага турмушка чыккан. Ал элди адилеттүү башкарган. Ошондуктан аны эл абдан урматтаган жана «датка», «Алай ханышасы» деген наамга ээ болгон. Бул наамды биринчи алган аялзаты болгон. Ал көрөгөчтүгү менен өз элин кыргындан сактап калган. Падыша Николай II Курманжан даткага алтын саатын белекке берген. Анын 5 баласы болгон. | Kurmanzhan Datka came from the Alai Kyrgyz. She was the first people's leader. Kurmanzhan married Alymbek datka. She ruled people fairly. Therefore, she was highly respected by the people and bore the title "datka", "Queen of scarlet". She was the first woman to receive this title. With her vision, she saved her people from slaughter. Tsar Nicholas II presented Kurmanzhan Datka with a gold watch. She had 5 children. |

**Суроолорго жооп бергиле.**
Answer the questions.

1. Курманжан датка каяктык?
2. Ал элди кандай башкарган?
3. Кандай наамга ээ болгон?
4. Алтын саатты Курманжанга ким берген?
5. Анын канча баласы бар?



**4-көнүгүү. Чыңгыз Айтматов жөнүндөгү текстти уккула жана түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле.**
Exercise 4. Listen to the text about Chingiz Aitmatov and tell us what you have understood.

## ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВ







Кыргыз жана советтик жазуучу. Социалдык эмгектин баатыры дүйнөгө белгилүү. Чыңгыз Айтматов 1928-жылы 12-декабрда Таластын Шекер айылында төрөлгөн. Ал «Ак кеме», «Жамиля, «Бетме бет», «Эрте келген турналар», «Кылым карытар бир күн», «Кызыл алма», «Биринчи мугалим», «Кош бол, Гүлсары» дагы көптөгөн чыгармаларды жараткан жана 180ден ашык тилге которулган. Жазуучунун чыгармалары эл аралык сыйлыктарга ээ.

## 24-САБАК
## СҮЙЛӨМ ЖАНА АНЫН ТҮРЛӨРҮ
THE OFFER AND ITS TYPES

### БАЗАРДА
ON THE MARKET




1. **Жай сүйлөм:**
   Айша кат жазып жатат. Aisha is writing a letter. Доскага чыгыңыз. Come to the blackboard.
2. **Суроолуу сүйлөм:**
   Сабактан кийин сен кайда барасың? Where do you go after the lessons?
3. **Илептүү сүйлөм:**
   Кандай сүйкүмдүү гүлдөр! Oh, what lovely flowers!

Кыргыз тилинде кыймыл-аракетти билдирген этиш дайыма сүйлөмдүн аягында келет.



**1-көнүгүү. Сүйлөмдөрдү окуп, түрлөрүн аныктагыла.**
Exercise 1. Read the sentences and identify which kind they are.





Анарды Арменияда түшүмдүн жана ийгиликтин символу дешсе, Израилде жаңы жылдык дасторконго милдеттүү түрдө коюлат, Азербайжанда анар майрамы өтөт, Иранда эстелик тургузушкан. Жакынкы Чыгышта, Кавказда, Африкада жана Азияда жакшы өсөт.

Витаминдер менен минералдардын саны боюнча анар алдыңкы орунда. Анар – күчтүү антиоксидант жана иммунитетти бекемдейт.

| **Сөздөрдү жаттагыла** | Vacabulary |
|---|---|
| Азык-түлүк дүкөнү | grosery store |
| сатуучу | salesmen |
| кардар | costomer |
| мөмө-жемиштер | fruits |
| жашылча | vegetables |
| пияз | onions |
| картөшкө | potatoes |
| бадыраң | cucumber |
| помидор | tomato |
| дарбыз | watermelon |
| капуста | cabbage |
| ашкабак | pumpkin |
| коон | melon |
| чамгыр (редиска) | radish |
| калемпир | pepper |
| сарымсак | garlic |
| алча | cherry |


| | |
|---|---|
| алмурут | pear |
| шабдалы | peach |
| кулпунай | strawberry |
| жүзүм | grapes |
| малина | raspberry |
| карагат | blackberry |
| анар | pomegranate |
| накталай | in cash |

**2-көнүгүү. Диалогду окугула жана которгула.**
Exercise 2. Read the dialogue

**БАЗАРДА**

**Азиз:** Кутман күн.
**Сатуучу:** Саламатсызбы.
**Азиз:** Жашылча-жемиштер кайдан алынып келинген?
**Сатуучу:** Бизге көпчүлүк учурда Оштон, Ташкенттен жана Ирандан келет.
**Азиз:** Жакшы экен. Баары эле жаңы келген окшойт ээ? Мен Мбанк аркылуу төлөсөм болобу?
**Сатуучу:** Анда мага 5 кг картөшкө, 3 кг сабиз, 2 кг кызыл калемпир, 2 кг бадыраң жана помидор тартып бериңизчи? Баса, дагы 3 даана сарымсак менен лимон кошуп коюңузчу.
**Сатуучу:** 3 кг сабиз дедиңизби?
**Азиз:** Ооба.
**Сатуучу:** Сабиздин эки түрү бар. Сары сабиз палоого жакшы даам берет. Сизге кайсы сабизден салайын?
**Азиз:** Ооба, кызыл сабизден 3 кг, ал эми сары сабизден 2 кг тартып бериңиз.
**Сатуучу:** Баарын бириктирип чоң баштыкка салдым.
**Азиз:** Баары канча сом болду?
**Сатуучу:** 650 сом.
**Азиз:** Банктын QR кодун көрсөтөсүзбү?
**Азиз:** Төлөдүм. Ыракмат.
**Сатуучу:** Жакшы барыңыз. Келип туруңуз.

**3-көнүгүү. Сүрөттөр боюнча диалог түзгүлө.**
Exercise 3. Create an image dialog.



**4-көнүгүү. Төмөнкү текстти окуп, суроолорго жооп бергиле.**

Exercise 4. Read the following text and answer the questions.

## БЕШ НАН (ЖОМОК)

FIVE LOAVES OF BREAD (FAIRY TALE)

| | |
|---|---|
| Илгери-илгери бир киши базардан күнүгө беш нан алчу экен. Аны көрүп элдер таң калып: «Эмне үчүн беш нан, андан көп, же аз эмес?» – деп сурашат. Бир күнү нан саткан киши: «Эмне үчүн күнүгө беш нан аласыз?» деп сурайт. Анда ал киши: «Эки нанды карызыма берем, эки нанды карызга берем, бир нанды кемпирим экөөбүз бөлүп жейбиз» дейт. Элдер дагы таң калышып, түшүнүшпөйт. Эртеси: «Кечээ күнү сөзүңүзгө түшүнбөдүк, чечмелеп бериңизчи?» – деп дагы сурашат. Анди тиги киши: | Many years ago a man bought five loaves of bread every day at the bakery. People were astonished – "Why five breads, no less, no more? One day a salesman asked him: Why do you buy five loaves of bread? And he answered – "Two loaves I give for my debt, two loaves for debt and one bread I share with my wife". Again people were surprised and did not understand, Next day: "Please, explain to us, what do you mean with those words?" – they asked again. |
| «Эки нанды карызыма – атама, апама берем, эки нанды карызга – балдарыма берем, бир нанды кемпирим экөөбүз жейбиз» деген экен. | "Two loaves I give to my parents, two loaves – I give to my children, and one I share with my wife" – answered the man. |

1. Бир киши нанды кайдан алчу эле?
2. Нан саткан киши эмне деп сурады?
3. Бир нанды ата-энесине эмне үчүн берет?
4. Балдар ата-энесине карызбы?
5. Кемпири менен нанды бөлүп жегенди кандай түшүнөсүңөр?

**5-көнүгүү. Текстти окугула жана суроолорго жооп бергиле.**
Exercise 5. Read the text and answer the questions.

Өрүктүн курамы ден соолукка пайдалуу заттардан турат. Өрүктө көп өлчөмдөгү глюкоза, крахмал, белок, органикалык заттар жана A, B, E, C, P, PP тобундагы витаминдер, фолий кычкылы жана калий, аз өлчөмдө P, Na, Mg, Fe, Cu, Al бар. Витамин А иммунитетти жогорулатып, ооруларга туруштук берүүгө салымын кошот. Өрүктүн курамында калийдин көп, ал эми натрийдин аз болгону үчүн диеталык азык болуп эсептелет. Бул азык жүрөк кан-тамыр ооруларынын, боор циррозунун жана бөйрөк ооруларынын алдын алат.

1. Өрүк ден соолукка пайдалуубу?
2. Өрүктө кайсы витаминдер аз өлчөмдө?
3. А витамини эмнени жогорулатат?
4. Өрүк эмне үчүн диеталык азык болуп эсептелет?
5. Өрүк кайсы оорулардын алдын алат?



# 25-САБАК
# СИНОНИМ
SYNONYMS

## УЛУТТУК КИЙИМДЕР
NATIONAL CLOTHES



Кыргызстан – тоолуу / көрктүү / кооз / өлкө

**Синоним сөздөр:** *тоолуу, көрктүү, кооз* – айтылышы, жазылышы ар кандай бирок, маанилери бири-бирине жакын болуп, **кандай** деген суроого жооп берет.

**Сулуу** – көбүнчө адамга карата айтылат.

**Көркөм** – руханий дөөлөттөргө (исскуство чыгармаларына: көркөм адабият, көркөм сүрөт) карата айтылат.

**Кооз** – жансыз нерселерге (кооз жайлоо, кооз жаратылыш, кооз имарат, кооз үй) карата айтылат.



**1-көнүгүү. Төмөнкү текстти окуп, синоним сөздөрдү белгилегиле.**

Exercise 1. Read the following text and highlight synonymous words.

Биз кыргыз тили сабагын өтүп жатабыз. Сабакта жазабыз, окуйбуз жана кыргызча сүйлөшөбүз. Мен досум жөнүндө айтып

бердим. Менин досум жакшы окуйт. Ал мыкты жигит. Кыргыз тили кызыктуу жана дайыма көңүлдүү өтүлөт. Биз ар бир сабакта жаңы сөздөрдү жаттайбыз, диалог түзөбүз жана тексттерди окуп которобуз.



**2-көнүгүү. Төмөнкү сүрөттөр боюнча синонимдерди жазгыла жана сүйлөм түзгүлө.**
Exercise 2. Write synonyms to the images below and make a sentence.

 жылмайды  күлдү  каткырды.

кооз үй эки кабаттуу үй көп кабаттуу үй

бычмачылык тикмечилик

**3-көнүгүү. Төмөнкү маалыматтарды окугула.**
Exercise 3. Read the information below.

## Улуттук баш кийимдер

Кыргыз элинин улуттук кийимдери аркылуу жаш өзгөчөлүктү, куракты да аныктоого болот.

National Hats

Through the national clothes of the Kyrgyz people, it is possible to determine youth and age.



**Топу** – жаш кыздардын баш кийими. Ал секелек кыздардын кыймыл-аракетине, жаш өзгөчөлүгүнө ылайыкташкан.
**Topu** – is a headwear for young girls. It is adapted to the behavior and age characteristics of young girls.




**Шөкүлө** – күйөөгө чыгуучу кыздын үйлөнүү үлпөтүндө кийүүчү баш кийими. Ал бойго жеткен кыздардын назиктигин, кыймыл-аракетиндеги ийменүүчүлүктү, уяндыкты, токтоолукту билдирип турат.




**Элечек** – орто жаштан өткөн аялдардын баш кийими. Ага 41 метр ак материал кетет. Элечектин орточо салмагы 800 граммдан 1 килограммга чейин жетет. Элечекти ороого кеминде 45 мүнөт кетиши мүмкүн.



**Ак калпак** – ак кийизден жасалгандыктан «ак калпак» деп аталып калган. Аны эркектер гана кийишет.



Бир жип 5 калпак тиккенге жетет. Бир калпакты ууз 2 саатта тигип бүтөт.



Бир койдун жүнү 17 калпакка жетет. 1 калпакка 230 гр кийиз кетет.

Бир койдун жүнү 17 калпакка жетет. 1 калпакка 230 гр кийиз кетет.

Кийизден жасалган калпак күндүн ультрафиолет нурун адамдын мээсине өткөрбөйт. Ал эми жакшы кийизден жасалган калпак 20 жылга чейин чыдайт.

**Калпак мүчөл жашка карата жетиге бөлүнөт.**

Алар:



**мүчөлгө чейинкилер** – 1 жаштан 12 жашка чейинки балдардын калпагынын кийизинин түсү ак, кыюусу да адатта жашыл, көк сыяктуу ачык түстөр менен коздолот.



**1-мүчөл** – 13 жаштан 24 жашка чейин-килердин калпагы ак түстө болуп, жашыл кездеме менен кыюуланат. Жашыл түс жаштыктын, өсүүнүн түсү деп белгиленген;



**2-мүчөл** – 25 жаштан 36 жашка чейинки жигиттер кыюусу көк болгон ак калпак кийишкен. Бул куракта ал мырза бир үйдүн ээси болуп, өзүнчө түтүн булатат. Көк түс – асмандын өңү.



**3-мүчөл** – 37 жаштан 48 жашка чейинки кишилер ак калпак кийип, кыюусу күрөң, жердин түсүндө тигилген калпак кийишкен.



**4-мүчөл** – 49 жаштан 60 жашка чейинки эркектерге кыюусу ачык күрөң, буудай түскө боелгон ак калпак сунушталган.



**5-мүчөл** – 61 жаштан 72 жашка чейинки аксакалдарга кыюусу ак түстөгү калпак туура болгон;



**6-мүчөл** – кыюусу ак-кара болгон ак калпак 73 жаштан улуулардын баш кийими деп эсептелген, себеби бул курактагы аксакалдар акты-ак, караны-кара деп уулдарына кеңеш берип, насаат айткан.

# 26-САБАК
# АНТОНИМ
# АЙЛАР, ЖЫЛ МЕЗГИЛДЕРИ
MONTHS, SEOSONS


Антоним – мааниси боюнча карама-каршы сөздөр.

| **Түс, сапат** | **Көлөмдөр** | **Мүнөз** | **Ыймыл-аракет** |
|---|---|---|---|
| Ак – кара | узун – кыска | акылдуу – акылсыз | келди – кетти |
| жумшак – катуу | бийик – жапыз | жоош – митаам | сүйүнду – ыйлады |
| ысык – муздак | калың – жука | март – зыкым | ачты – жапты |



**1-көнүгүү. Төмөнкү сүрөттөрдү антоними менен окугула.**
Exercise 1. Read the images below.











**2-көнүгүү. Төмөнкү тексттерди окуп, антоним сөздөрдү атагыла.**
Exercise 2. Read the following texts and give the antonyms.

Жай

Жаздын артынан жай билинбей келип калды. Түн кыскарып, күн узарды. Жайлоодо аба салкын. Эс алуучулар жайлоого чыгышты. Шаарда болсо күн ысык, көчөлөр чаң болуп турат. Ошондуктан көчөгө эрте менен суу себишет.

**Текстте белгиленген сөздөрдүн антонимин тапкыла.**
Find the antonyms of the words marked in the text.

Кыштын өзгөчөлүгү

Кыш келгенде **кар жаап**, суулардын бети **муз болот**. Кыштын эң ***суук*** мезгилин кыргыздар чилде дешет. Чилде кырк күнгө созулат. Кышында терезеге ар кандай сонун сүрөттөр чиймеленип калат. Аны кыроо дейбиз.

**3-көнүгүү. Төмөнкү диалогду окугула, суроолорго жооп бергиле.**
Exercise 3. Read the dialog below and answer the questions.

**Мурат:** Дамир, сен аба-ырайынын кандай болорун билгиң келеби?
**Дамир:** Ооба, Мурат аба-ырайынын бузулушун 600дөн ашык жаныбар билдире алат деп уккамын.
**Мурат:** Эгерде талаа торгою таң азандан эрте сайраса, күн ачык болот.
**Дамир:** А чабалекейлер кандай сезишет?
**Мурат:** Чабалекейлер күн бүркөлүп, жаан жаарда жапыз учуп калышат.
**Дамир:** Сен кызыктуу маалымат окуптурсуң. Мен Ысык-Көлдө жүргөндө, ак чардактар учпастан жээкке чыгышып, басып калышканын байкадым. Кызык, жаныбарлар бизге кабар айтып турушат турбайбы.
**Мурат:** Ал эми балыктар суунун бетинде секире беришет экен. Киттер, акулалар аба-ырайы өзгөрөр алдында деңиздин терең жагына сүзүп кетишет.

**Дамир:** Мурат, маалыматыңа ыракмат. Быйыл жайында Ысык-Көлгө бирге барып, эс алып келбейлиби?
**Мурат:** Макул, жакын досум Чолпон-Атада жашайт. Үчөөбүз бирге баралы.
1. Дамир кандай маалымат айтты?
2. Чабалекейлер качан жапыз учушат?
3. Ысык-Көлдө жүргөндө Дамир эмнени байкаган?
4. Балыктар эмне үчүн суунун бетине секире беришет?
5. Акулалар менен киттер качан деңиздин терең жагына сүзүп кетишет?



**4-көнүгүү. Төрт мезгилге карата сүйлөм түзгүлө.**
Exercise 4. Make a proposal for four periods.



**Күз мезгили**
Сентябрь
Октябрь
Ноябрь




**Кыш мезгили**
Декабрь
Январь
Февраль



**Жаз мезгили**
Март
Апрель
Май



**Жай мезгили**
Июнь
Июль
Август






**5-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү сүрөттөрдү окуп, дептериңерге жазгыла.**

Exercise 5. Read the images in the following sentences and write them down in a notebook.

 аба-ырайы суук болот. 

тоңуп калат. Балдар  тээп ойношот. Алар кардан

 жасашат.

 аба-ырайы бүркөлөт.  бышып,

аны жыйноо иштери башталат.  

ал эми   жасалат.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР


1. *Култаева Ү.* Кыргыз тилден кырк сабак. – Б., 2022.
2. Азыркы кыргыз тили. – Б., 2015.
3. «Кыргызтест» системасы боюнча лексикалык минимуму (А1). – Б., 2018.
4. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. – Б., 2019.
5. *Дыйканова Ч.К., Сулайманова Л.С., Төлөкова Э.Т.* Кыргыз тилин үйрөнөбүз. – Б., 2004.
6. *Бакирова Н., Рахимова Ч.* Кыргызстан – алтын бешигим. – Б., 2017.
7. *Байымбетова Г.* Орус мектептеринде кыргыз тилинен жазуу иштерин жүргүзүүнүн илимий-методикалык негиздери жана диктанттар жыйнагы. – Б., 2011.
8. *Усекова А.А.* Кыргыз тилин үйрөнөлү / Кыргыз-Славян университети. – Б., 2011.
9. *Биялиев К.А.* Кыргыз тили: жогорку окуу жайларындагы башка улуттардын студенттери үчүн окуу китеби. – Б., 2009.
10. *Биялиев К.А.* Справочник по грамматике кыргызского языка. /Кыргызско-Российский Славянский университет. – Б., 2013.
11. Кыргыз тили жана адабияты: жогорку окуу жайларындагы башка улуттун студенттери үчүн окуу китеби. – Б., 2020.
12. Yedi İklim Türkçe A1 Ders Kitabı.Yunus Emre Entitüsü. Seviye A1.
13. Yedi İklim Türkçe A1 Ders Kitabı.Yunus Emre Entitüsü. Seviye A2.
14. Kyrgyzstan. The word about homeland. – Bishkek, 2004. Uchkun
15. URL: https://sputnik.kg/20220228/ak-kalpak-bayany-turloru-tarykhy-kalpak-kunu-1062447559.html

## МАЗМУНУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК СИМВОЛДОРУ ........ 3

1-САБАК. Кыргыз алфавити ........ 7

2-САБАК. Фонетика ........ 10

3-САБАК. Кыска жана созулма үндүүлөр. Таанышуу ........ 14

4-САБАК. Сингармонизм мыйзамы. Өзүм жөнүндө ........ 17

5-САБАК. Суроолу –бы мүчөсү. Үй-бүлөм ........ 22

6-САБАК. Жакты билдирген сөздөр. Тууганым ........ 27

7-САБАК. Баш тамга менен жазылган сөздөр. Ысык-көл ........ 35

8-САБАК. Жекеликти жана көптүктү билдирген сөздөр. Кыймыл-аракеттин багытын билдирген сөздөр. Жаныбарлар ........ 41

9-САБАК. Кыймыл-аракет багытталган затты, обьектини билдирген сөздөр. Дене мүчөлөрү ........ 49

10-САБАК. Сураныччты билдирген сөздөр. Кыймыл-аракеттин ордун билдирген сөздөр. Дарыканада ........ 54

11-САБАК. Кыймыл-аракеттин чыккан ордун билдирген сөздөр. Заттын даамын билдирген сөздөр. Улуттук тамак-аштар ........ 63

12-САБАК. Заттын формасын, өлчөмүн билдирген сөздөр. Менин бөлмөм ........ 70

13-САБАК. Өң-түстү билдирген сөздөр. Ак түсүнүн мааниси ........ 75

14-САБАК. Келбетти жана мүнөздү билдирген сөздөр. Досумдун мүнөзү ........ 79

15- САБАК. Эсептик жана иреттик сандар. Турак-жайлар. Боз үй ........ 83

16-САБАК. Убакыт. Апта күндөрү ........ 91

17-САБАК. Буйрукту билдирген сөздөр. Учур чак,
анын терс формасы. Азык-түлүк дүкөнүндө ................................ 97

18-САБАК. Келер чак, анын терс формасы. Майрамдар............ 106

19-20-САБАК. Айкын жана адат өткөн чак, алардын терс
формалары. Балалык чагым. Жалпы өткөн чак,
анын терс формасы. Мен окуган КРСУ ...................................... 112

21-САБАК. Кесипти билдирген сөздөр. Ар бир
кесип ардактуу ........................................................................ 122

22-САБАК. Шартты билдирген сөздөр. Улуттук оюндар.
Белгилүү кыргыз спортчулары .................................................. 127

23-САБАК. Сөз айкашы. Белгилүү инсандар ............................ 135

24-САБАК. Сүйлөм жана анын түрлөрү. Базарда ...................... 138

25-САБАК. Синоним. Улуттук кийимдер ................................. 144

26-САБАК. Антоним. Айлар, жыл мезгилдери ......................... 150

КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР ............................................... 155

***О.К. Джумабаева, С.К. Наралиева, З.С. Ибраимова***

ДИЛ БИЛ

Кыргыз тили чет тили катары
Kyrgyz language as a foreign language

Окуу куралы

*О.К. Джумабаева, С.К. Наралиеванын* редакторлугу астында
Компьютердик калыпка салган *Г.Н. Кирпа*
Мукабанын дизайнери *З.А. Старожилова*

Басууга 12.12.2025-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60×84 $^{1}/_{16}$. Офсеттик басма.
Көлөмү 10,0 б.т. Нускасы 200 даана. Заказ 52.

КРСУнун басмасы
720048, Бишкек ш., Анкара көчөсү, 24к